ГКПЭН

PeaceNexus Foundation

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТОО КЕН ӨНӨР ЖАЙЫНДАГЫ ЧЫР-ЧАТАКТАРДЫ ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА

# КОЛДОНМО

EFCA
ФОНД ЕВРАЗИЯ ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ

KALIKOVA & ASSOCIATES
law firm

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТОО КЕН ӨНӨР ЖАЙЫНДАГЫ ЧЫР-ЧАТАКТАРДЫ ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА

# КОЛДОНМО

Бишкек, 2017



Борбордук Азиядагы Евразия Фонду жана «Kalikova & Associates» юридикалык фирмасы тарабынан даярдалды.

11-ДЕКАБРЬ 2017 ж.

Бул колдонмо Кыргыз Республикасынын Энергетика, өнөр жай жана кен пайдалануу боюнча мамлекеттик комитетинин тапшырыгына ылайык «Peace Nexus» фондунун каржылык колдоосу менен даярдалды. Борбордук Азиядагы Евразия Фонду (БАЕФ) 2012-жылдан 2015-жылга чейин талаа иликтөөлөрүн жүргүзгөн эле.

# МАЗМУНУ


| | | |
|---|---|---|
| 1. | Резюме | 6 |
| 2. | Чыр-чатактардын өбөлгөлөрү жана себептери | 9 |
| | 2.1. Талас | 11 |
| | 2.2. Жумгал | 13 |
| | 2.3. Чаткал | 15 |
| | 2.4. Ала-Бука | 16 |
| | 2.5. Чоң-Алай | 17 |
| | 2.6. Кадамжай | 18 |
| 3. | Тоо кен тармагындагы чыр-чатактарды жөнгө салуу боюнча нускамалар | 19 |
| | 3.1. Калк менен иштешүү боюнча нускамалар | 20 |
| | 3.2. Компанияларга жергиликтүү бийлик органдары менен иштешүү боюнча нускамалар | 21 |
| 4. | Кен байлыктарын пайдалануу чөйрөсүндө реформа жүргүзүү | 22 |
| | 1-тиркеме. Кыргыз республикасынын мыйзамдарында каралган кен байлыктарын пайдалануучулардын кендерге жакын жашаган жергиликтүү коомдоштуктардын укуктары менен кызыкчылыктарына тиешелүү милдеттенмелери | 24 |
| | 2-тиркеме: кен байлыктарын пайдалануу чөйрөсүндөгү керектүү даректер | 39 |
| | 3-тиркеме. Минералдык ресурстарды пайдалануучулар үчүн онлайн-маалымат базалары/веб-порталдар | 43 |

# 1. РЕЗЮМЕ



Бул Колдонмо Кыргызстандагы тоо кен өнөр жайына байланыштуу чыгышы ыктымал чыр-чатактарды жөнгө салуу жагынан компанияларга, инвесторлорго жана жергиликтүү бийлик органдарына, ошондой эле эл аралык агенттиктерге көмөктөшүү үчүн жазылды.

2011-жылы тоо кен компаниялары менен жергиликтүү коомдоштуктар ортосунда чыр-чатактар көбөйгөндүгү белгилүү болду. Ошондуктан 2012-жылы Борбордук Азиядагы Евразия Фонду (БАЕФ) Кыргызстандын тоолуу райондорундагы чыр-чатактардын себептерин түшүнүү үчүн изилдөө жүргүзүүнү чечти. Мындан тышкары, 2012-жылдан бери Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тоо кен секторунун жөнгө салынышын жакшыртуу жана тоо кен тармагынан жабыркаган жергиликтүү коомдоштуктардын укуктарын коргоо максатында саясий жана укуктук реформаларды демилгеледи. Бул Колдонмо компаниялар менен ыктымал инвесторлорго тоо кен секторундагы чыр-чатактардын себептерин билип, келечекте жергиликтүү коомдоштуктар менен чырдашууларды болтурбоо жана азайтуу үчүн эмне кылуу керектиги боюнча нускамалар берилет. Колдонмо Кыргыз Республикасынын аракеттеги, атап айтканда, тоо кен секторунан жабыркаган жергиликтүү коомдоштуктардын укуктарын коргоого багытталган мыйзамдарына ылайык компаниялардын юридикалык милдеттенмелери боюнча таяныч катары да пайдаланылышы мүмкүн[1].

Бул Колдонмонун экинчи бөлүмүндө 2010-2015-жылда аралыгында пайдалуу казылмаларды алууга байланышкан чыр-чатактардын негизги себептери чечмеленет. Мында жергиликтүү коомдоштуктар менен тоо кен компанияларынын ортосундагы чыр-чатактар болгон алты райондо (Талас, Жумгал, Чаткал, Ала-Бука, Чоң-Алай жана Кадамжай райондорунда) 2012-жылы жүргүзүлгөн баштапкы изилдөөлөрдүн натыйжалары келтирилди[2]. Ар жерде жүргүзүлгөн сурам, аңгемелешүү жана чыр-чатактардын картографиясынын негизинде тоо кен компаниялары менен болгон чыр-чатактардын негизги себептери деп булар көрсөтүлдү:

1 Колдонмо Кыргыз Республикасынын -2017жыл, -1сентябрга карата иштеп турган мыйзамдарына негизделет.

2 Oxus International, «Пикирлерди топтоо: Кыргыз Республикасынын 8 районунда тоо кен өнөр жайынын таасири жана пайдалуу казылмалардын алынышы», -2012жыл. Изилдөөнү Oxus International уюму БАЕФ үчүн АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин (USAID) каржылоосу менен жүргүзгөн.

## ОСНОВНЫЕ ПРИЧИНЫ КОНФЛИКТОВ:




**1**

Пайдалуу казылмаларды алууга байланыштуу ызы-чуу көбөйөт, аба булганат, уулуу заттар таралып, айлана чөйрө булганат, экологияга жана калктын саламаттыгына зыян келтирилет деп тынчсыздануу;



**2**

Тоо кен компаниялары менен алардын ишмердигинен жабыркаган жергиликтүү калктын ортосунда туруктуу байланыш жана катнаш жүргүзүү ыгынын жоктугу;



**3**

Пайдалуу казылмалар кенин иштетүүнүн мүмкүнчүлүктөрү жана оң-терс натыйжалары жөнүндө калктын билбегендиги;



**4**

Тоо кен компанияларынын жумушка алууда жергиликтүү тургундарга артыкчылык бербеген жосунунун адепсиздик же акыйкатсыздык катары кабылданышы;



**5**

Кен байлыктарын пайдалануу укугун берүү тутумунда ачык-айкындыктын жоктугуна тынчсыздануу;



**6**

Тоо кен компаниялары менен жергиликтүү коомдоштуктар ортосундагы арачы катары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ишенбөөчүлүк.

Үчүнчү бөлүмдө Кыргызстанда иштеп жаткан тоо кен компаниялары үчүн жергиликтүү коомдоштуктар менен чырдашып калбаш үчүн кандай чараларды көрүү керектиги боюнча практикалык нускамалар келтирилген. Нускамалар бардык тараптар (борбордук бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу, тоо кен компаниялары жана жергиликтүү коомдоштуктар) менен жүргүзүлгөн изилдөөлөргө, кеп-кеңештерге негизделген жана Кыргызстандагы саясатты, укуктук реформаларды ар кандайча чагылдырат. Алар компаниялар менен коомдоштуктардын чатагы болтурулбаган же туура чечилген айрым жерлердин алгылыктуу тажрыйбасына, мисалдарына да негизделди.

Төртүнчү бөлүмдө Кыргыз Республикасынын Энергетика, өнөр жай жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик комитети жергиликтүү бийлик органдары, тоо кен компаниялары жана сүрөөнчүлөр менен биргеликте жүргүзүп жаткан реформаларга сереп жасалат. Булардын катарында тоо кен иштеринен жабыркаган жергиликтүү коомдоштуктардын укугун коргоо багытындагы мыйзамдар менен эрежелердин кабыл алынышын, тоо кен өнөр жайы жөнүндө, анын иштешинин экологияга таасири жөнүндө жергиликтүү калктын маалыматтуулугун арттыруу боюнча демилгелерди айтууга болот.

Акырында, 1-3-тиркемелерде Кыргызстандын мыйзамдарын түшүнүп, сакташы жана ишкердигин жакшы жүргүзүшү үчүн компаниялар менен инвесторлорго керектүү кеңири маалымат берилет.

- Биринчи тиркемеде тоо кен компаниялары менен иштеше турган Кыргызстандын негизги жөнгө салуучу органдары жөнүндө сереп берилген. Анда чалгындоочу жана тоо кен компаниялары сактоого тийиш болгон негизги юридикалык милдеттенмелер, мунун ичинен лицензиялоо, айлана чөйрөнү коргоо, жерге ээлик кылуу укугу, жабыркаган коомдоштуктарга берилүүчү социалдык жөлөкпулдар топтому, салык жана башка фискалдык милдеттенмелер менен байланышкан талаптар да көрсөтүлгөн.
- Экинчи тиркемеде тоо кен секторунда иштеген мамлекеттик органдардын, ишкер жана профсоюз уюмдарынын, тейлөө кызматын көрсөтүүчү жана эл аралык агенттиктердин байланыш даректери берилген.
- 3-тиркемеде тоо кен секторуна тиешеси бар он-лайн базалар жана ресурстар тизмеленген.



## 2. ЧЫР-ЧАТАКТАРДЫН ӨБӨЛГӨЛӨРҮ ЖАНА СЕБЕПТЕРИ

Эгемендикке жеткенден бери Кыргыз Республикасы чет өлкөлүк инвестицияларга карата ачык базар саясатын өнүктүрүп келет. Өлкөдө 1000ден ашуун пайдалуу казылма кендер табылган, алардын айрымдары иликтенип, жакшы иштетиле баштады. Кыргызстанда казып алынуучу металлдардын ичинен: биринчи орунда алтын – өздөштүрүлүп жаткан казылмалардын 94 %ы, андан кийин жез (5 %) жана башка металлдар (1 %) турат[3]. Бул секторддо Канаданын Centerra Gold компаниясына караштуу Kumtor Gold компаниясы иштетип жаткан бир кен үстөмдүк кылат.

Тоо кен сектору Кыргызстандын экономикасы үчүн орчундуу мааниге ээ, ал 2015-жылы ИДПнын 8,4 %ын[4] жана 2016-жылы экспорттун 45 %ын түзгөн[5]. Мындан тышкары, пайдалуу казылмалардан түшүүчү пайда Кыргызстандын өкмөтүнүн кирешесинин кыйла зор бөлүгү болуп саналат. Тоо кен тармагында 8 745 жумушчу (жалпы жумуш күчүнүн 4,9 %ы) иштейт[6]. Ал 2014-жылдагы жалпы мамлекеттик бюджеттин 8,2 %ын жана салык төгүмдөрүнүн 17,5 %ын түзгөн[7].




3 ЕРӨБ тоо кен тармагындагы ишмердик стратегиясы, 2017. Кумтөр кенинде 3,524 киши же Кыргыз Республикасындагы жумушчу күчтөрдүн 1 %ы иштейт.

4 Бириккен Улуттар Уюмунун Соода жана өнүгүү боюнча конференциясы (ЮНКТАД), -2015жыл, ЕРӨБнын Тоо кен тармагындагы стратегиясында келтирилген, -2017жыл.

5 Эл аралык валюта фонду (ЭВФ), 2016, ЕРӨБнын Тоо кен тармагындагы стратегиясында келтирилген, -2017жыл.

6 ЕРӨБнын Тоо кен тармагындагы стратегиясы, -2017жыл.

7 Кыргыз Республикасынын -2014-2013жылдарга карата кен казуу тармагындагы ачык-айкындык демилгесинин отчёту.

Кыргызстандын экономикасына мамлекеттин бюджетинин орчундуу булагы катары тоо кен тармагынан орчундуу салым кошулуп жаткандыктан, тоо кен секторун өнүктүрүүнү жактаган саясий мүдөө күчтүү. Ошентсе да бул жаатта талаштуу жагдайлар бар эле. Алгач ирет 1998-жылы Кумтөр Голд кенчилери Барскоон дарыясына цианид төгүп алганда, коомчулуктун тоо кен өнөр жайына болгон ишенимине доо кеткен. Ошондон бери Кумтөрдүн кен долбоорлорунун айынан айлана чөйрөнүн булганышы ыктымалдыгына жергиликтүү калктын тынчсыздануусу чыр-чатактардын негизги себептеринин бири болуп калды.

2011-2012-жылдар аралыгында тоо кен компаниялары менен жергиликтүү коомдоштукта ортосунда чыр-чатактар ырбап кеткендиктен, тармактын өнүгүүсүна кедергиси тийди. Кыргызстандын айрым райондорунда жергиликтүү тургундар менен тоо кен компанияларынын кызматкерлери кагылышып, мунун айынан компаниянын мүлкү жок кылынган учурлар да болду. Бул чыр-чатактар өлкөдөгү өтө бай пайдалуу казылмалар корун андан ары иштетүү үчүн «социалдык жол» ачылбагандыгын көрсөттү. Коомчулуктун тынчсыздануусуна жооп иретинде 2012-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тоо кен секторунун тескелишин жакшыртуу жана коомдук маселелерди орундуу чечүү үчүн бир катар чараларды көрдү (минералдык ресурстар жаатындагы реформаларды талкуулоо үчүн 4-бөлүмдү караңыз).

2012-жылы жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде кийинки бөлүмдөрдө пайдалуу казылмаларды өздөштүрүүгө байланыштуу алты райондо (Талас, Жумгал, Чаткал, Ала-Бука, Чоң-Алай жана Кадамжай райондорунда) болгон чыр-чатактардын себептери иликтенет. Изилдөөнүн тыянактары тоо кен өнөр жайындагы иштерге жана чыр-чатактардын себептерине жергиликтүү тургундардын кызыгуусун арттырды. Орчундуу маалымат берүүчүлөр менен интервью жасалып, жер-жерлерде 400 респондент суралды жана ар кайсы жерлердеги чыр-чатактардын картасын түзүү боюнча үч семинар өткөрүлдү.



## 2.1. ТАЛАС




**Таластагы чыр-чатактардын картасы**

Талас географиялык жактан обочо турган, экономикасы начар район болуп саналат, анда эл негизинен малчылык жана дыйканчылык менен жашайт. Райондун аймагында калктуу конуштарга жакын жайгашкандыгына байланыштуу иштетилбей жаткан алтын кендери бар, алар иштетилсе, экономикалык өнүгүүгө жакшы мүмкүнчүлүк түзүлмөк. Жаңжал тынчыбай жаткан кезде бул аймактагы үч кендин («Жерүй», «Андаш», «Талды-Булак») бирөөндө да алтын казылбаган. Лицензияга байланышкан чыр создугуп кеткендиктен, «Жерүй» кени да иштетилбей токтоп калды. Чет өлкөлүк компаниялардын колунда дагы эки кенди иштетүүгө лицензия бар, бирок жергиликтүү жамааттын терс мамилесинен улам иш улантылбай кала берүүдө.

2011-жылы Талас районунда жергиликтүү коомдоштук менен тоо кен компаниялары ортосунда эң ызы-чуулуу чыр-чатактар болгон. 2011-жылы Арал айылына жакын турган чалгындоо компанияларынын биринин лагерине бир катар кол салуулар болуп, натыйжада компаниянын мүлкүнө зыян келтирилген. Ошондон кийин 2012-жылы бул компания жергиликтүү коомдоштуктар менен кызматташуу тууралуу үч тараптуу келишимге кол койгон. Анда тараптар чатактарды жана пикир келишпестиктерди тынч жол менен чечели деп макулдашкан. Компания башка маселелер менен катар жергиликтүү калктан жумушчуларды алууга да милдеттенген. Ошентип, 2012-жылы компания жергиликтүү коомдоштук менен мамиле жакшырды, жергиликтүү коомдоштук мүчөлөрүнүн кийлигишүүсүз эле кенди изилдөө ишин улантууга жетиштик деп кабарлады. Бирок жергиликтүү тургундардан алынган маалыматка ылайык, алар компаниянын ишмердигине толук макул болушкан эмес, жөн гана 2011-жылдагы башаламандыктар боюнча соттук доолорун токтотпойт деп чочулагандыктан гана унчукпай калышкан экен.

2011-жылы дагы бир чыр болуп, анда башка бир компаниянын жергиликтүү өкүлдөрүнө кол салып, опузалашкан. Чатактан кийин тез эле Кыргызстандын парламенти лицензиясын чакыртып алгандыктан, компания бул аймакта ишин токтотту. Компаниянын андан кийин жергиликтүү коомдоштук менен сүйлөшүүгө жасаган аракетине жергиликтүү тургундар күч менен каршылык кылып, компания жаңы лицензия ала албай калды.

2012-жылдагы изилдөөдө айкындалгандай, Таластагы суралгандардын тең жарымынан көбү тоо кен өнөр жайына терс көз караштa экен; эң катуу каршы тургандарынын айрымдары кагылышуу болгон Арал айылынан эле. Аралда суралгандардын 60тан ашуун пайызы тармакка терс көз карашын билдирсе, 80 %ы тоо кен компаниялары жергиликтүү коомдоштукка артыкчылык беришти ойлоп койбойт деп эсептейт. Тургундардын мындай мамилесине тоо кен өнөр жайы экологиялык зыян келтирет деп тынчсыздануу себеп болууда

(суралгандардын 72 %ы ушул себепти аташты). Таластагы негизги кендер калктуу конуштарга жакын жайгашкандыктан, тургундар тоо кен иштери калктын саламаттыгына жана экологияга терс таасир этет деп чочулайт.

Жалпысынан жергиликтүү тургундар айлана чөйрөгө тийүүчү узак мөөнөттүү зыян акыр аягында тоо кен долбоорлорунан алынуучу экономикалык пайдадан ашып түшөт деп эсептешет экен. Талаа иликтөөлөрү тастыктагандай, жергиликтүү тургундар экологиялык зыянга чындап тынчсызданат, бул алардын компаниялар менен чырдашуусунун негизги себеби болуп саналат экен. Жергиликтүү калктын тоо кен өнөр жайы жергиликтүү деңгээлдеги өнүгүүгө өбөлгө түзбөйт деген пикиринин калыптанышына таасир эткен төмөндөгүдөй жагдайлар да аныкталды:

- Тоо кен өнөр жайынын экологиялык таасири, ошондой эле райондо иш жүргүзүп жаткан компаниялардын ишмердиги жөнүндө жергиликтүү тургундардын анык маалыматы болгон эмес. Ошондуктан экологиялык ыктымал кесепет жөнүндөгү божомолдор апыртып айтылган.
- Тургундар чет өлкөлүк компанияларга шектенүү менен карашкан, алардын теги жана менчиги жөнүндө маалыматы болгон эмес, каржылык жактан, айрыкча жергиликтүү тургундарга берилүүчү жеңилдиктер жана компенсациялар боюнча ачык-айкын иштебейт деп да шектенишкен.
- Компаниялардын жер-жерлерде өкүлчүлүктөрү болгон эмес, алар кызматчыларды райондун чегинен сырткары жактан жалдашкан. Ошондуктан жергиликтүү тургундар жумушка алуунун мындай ыгын адилетсиз деп эсептешкен, компаниялар менен сүйлөшүү мүмкүнчүлүгү да болбогондуктан, кен казуу жергиликтүү деңгээлде сезилерлик пайда келтиреринe ишенишкен эмес.
- Тургундар жергиликтүү бийлик органдарына да ишенбеген, жергиликтүү коомдоштукту өнүктүрүүнүн ордуна тоо кен компанияларынан жеке өздөрү гана пайда көрөт, тымызын акы алып жатат деп эсептешкен.
- Тургундар өз укуктарын коргоону, тоо кен компанияларынын жана мамлекеттик органдардын ишмердигине мыйзамдуу түрдө катышууну каалашарын айтышкан, бирок бул жагынан көндүмү, ошондой эле ишеничтүү маалымат булактары менен каражаттары жетишпестигин сезишкен.



## 2.2. ЖУМГАЛ




**Жумгалдагы чыр-чатактар картасы**

Жумгал районунда узак мезгил бою көмүр казылып келген. Совет доорунда көмүр өнөр жайы бул райондо жакшы өнүгүп, тоо кен ишмердиги экономикалык жактан пайдалуу болгон. Бул аймакта союздук мамлекет үчүн мааниси зор уран кени да иштетилген. Бирок эгемендикке жетишкенден кийин тоо кен индустриясы токтоп калып, жергиликтүү экономика оор абалда калган.

Башка райондордон айырмаланып, Жумгалдагы тоо кен өнөр жайындагы чыр-чатактар тоо кен өнөр жайы айлана чөйрөгө зыян келтиргендигине наразылыктан эмес, кенди ким көзөмөлдөп, ал кандай иштеши деген маселеден чыгууда. 2005-жылы жоогазын революциясынан кийин саясий туруксуз абал түзүлгөндө, Кара-Кече көмүр кени мыйзамсыз түрдө басып алынып, бир жылдай кармалып турган. 2010-жылы Кара-Кечеде кайрадан чатак чыгып, жергиликтүү тургундардын көмүр компаниясын башкарууну өзгөртүү жана жолдорду калыбына келтирүү талабы жарым-жартылай канааттандырылган. Бирок райондогу негизги көйгөй деп тоо кен компаниялары менен жергиликтүү коомдоштуктар ортосундагы тирешүүгө эмес, тоо кен өнөр жайынын ылдыйлап кетишине жана буга байланыштуу экономикалык төмөндөөгө байланышкан деп эсептешет.

Жумгал районунун тургундары башка бардык иликтөөгө алынган облустарга салыштырмалуу тоо кен өнөр жайына жакшы карайт. Суралгандардын 30дан аз пайызы бул тармакка терс карайт, тең жарымынан азыраагы компания коомдоштукка артыкчылык беришти ойлобойт деп эсептейт (бул пайыз башка райондорго караганда эң төмөн болуп саналат). Жумгалда суралгандар башка райондордогуларга салыштырмалуу тоо кен компанияларынын башчыларына кыйла бекем ишенет, болгондо да алардын 60тан ашуун %ы кенчилер берген маалымат ишенимдүү деп эсептейт. Башка облустардагыдай эле, жергиликтүү тургундар пайдалуу казылмаларды өздөштүрүүнүн экологиялык кесепетине тынчсызданат. Бирок жалпысынан жергиликтүү тургундар кен казуудан алынуучу пайда анын айлана чөйрөгө тиер экологиялык зыянынан ашып түшөт деп эсептеген эле. Жергиликтүү тургундар чыр-чатактын чыгуу ыктымалдыгы өтө төмөн, көпчүлүк эл көмүр өнөр жайын өнүктүрүүнү жактап келген дешет.

Жумгал районунда тоо кен компаниялары менен жергиликтүү коомдоштуктар ортосунда пикир келишпестиктер аз болушунун бир нече себеби бар. Биринчиден, тоо кен компаниялары жумушка алуу жагынан да, көмүрдү арзан сатуу жагынан да жергиликтүү тургундарга жеңилдик берип келет. Экинчиден, эл көмүр казуунун айлана чөйрөгө

терс таасири алтын казуудагыдан кыйла азыраак болот деп эсептейт. Көмүр бул жакта эчактан бери эле казып алынып келгендиктен, тургундар бул иштин таасирине кыйла көнүп калышкан. Андыктан көмүр өнөр жайы Кыргызстанда алтын казууга байланышкандай кооптонууга алып келген жок. Акырында, жергиликтүү тургундар тоо кен компаниялары менен болгон мамилени бир жактуу эксплуатация катары эмес, эки тараптуу кызматташуу катары кабыл алышат. Мунун башкы себеби – бул райондогу тоо кен компаниясынын ээси кыргызстандык экендиги.



## 2.3. ЧАТКАЛ




### Чаткалдагы чыр-чатактар картасы

Чаткал районунда илгертен бери эле алтын колдо чайкап алынып келген. 2011-жылдагы чырга чейинки жылдарда чалгындоо лицензияларынын көбү чет өлкөлүк коммерциялык компанияларга берилчү, ошондуктан жергиликтүү тургундар буга ар түрдүүчө карап келген.

2011-жылы коомчулукка белгилүү болгон чыр-чатактардын биринде жергиликтүү тургундар кытайлык чалгындоо компаниясынын бир нече жүк машинесин мыйзамсыз жол менен ээлеп алышкан. Талаштын чыгышына компания убада кылгандай өзүнүн жүк машинелери каттаган жолдорду, көпүрөлөрдү оңдоого каражат бөлгөн жок деген доомат себеп болду окшойт. Аксакалдар кеңеши арачылык кылып, айыл тургундарына компенсация төлөтүүгө жетишти дешет жергиликтүү тургундар.

2012-жылы жүргүзүлгөн изилдөөдө Чаткалда суралгандардын дээрлик тең жарымы тоо кен өнөр жайына терс мамиле жасаары айкындалды, бул өлкөдөгү орточо көрсөткүчкө (52 %) жакын келет. Бирок Чаткалда суралгандардын арасынан өз районундагы тоо кен компанияларына каршы турууга даярбыз деген жоопту эң көп беришкен, бул жагдай чыр-чатак ыктымалдыгы жогорулугунан кабар берет. Алар пайдалуу казылмаларды өздөштүрүүдөн экономикалык пайда алынышы, мисалы, жумуш орундары түзүлүп, инфратүзүм жакшырышы, коомдоштуктун коммерциялык жана маданий турмушуна колдоо көрсөтүлүшү мүмкүндүгүн жокко чыгарбайт. Ошентсе да алар негизинен экологиялык көйгөйлөрдөн чочулап, тоо кен өнөр жайын өнүктүрүүгө каршы чыгып келишти. Мындай парадокстун себеби, бир нече компания ар түрдүүчө жардам көрсөтүп, өзүнүн ишмердиги жөнүндө кеңири маалымат берип тургандыктан, жергиликтүү коомдоштуктун көз карашына жакшы таасир этүүгө жетишкен, бирок баары бир көпчүлүк тоо кен компанияларына элдин мамилеси начар бойдон калууда.

Жергиликтүү тургундардын көбү тоо кен компаниялары ээнбаштык менен иштейт, ишенимге татыксыз деп эсептешет экен. Суралгандар «тоо кен компаниялары сөзүнө турбады» деген дооматты көп айтышат, алар компаниялар жөнүндө жалпыга жеткиликтүү маалыматтын жоктугу алардын ишмердигин кылдат талдоого мүмкүндүк бербейт деп тынчсызданышат. Ошондой эле тоо кен компаниялары менен жергиликтүү тургундар ортосунда карым-катыш ойдогудай жүргүзүлбөй жаткандыгы да сезилип турат.

## 2.4. АЛА-БУКА




### Ала-Букадагы чыр-чатактар картасы

Ала-Бука району Кыргызстандын түштүгүндө жайгашкан, кошуна Чаткал районуна (бул да Жалал-Абад облусуна карайт) окшош жактары бар. Чаткалдагыдай эле, Ала-Букада алтынды колдо чайкап алгандар көп. Чалгындоо лицензиясын алган коммерциялык компаниялардын да катары калыңдап баратат.

2011-жылы жергиликтүү бийлик органдары Чаткал жана Ала-Букадагы тоо кен компанияларын «мыйзамсыз иштеди» деп айыптап, айлана чөйрөнү булгагандыгы боюнча териштирмекчи болду. Ошондон көп өтпөй Ала-Буканын тургундары тоо кен компанияларына каршылык акциясын уюштуруп, кендердин бирине барчу бирден-бир жолду тосуп салышты. Алар койгон талаптардын бири, ЖМКда айтылгандай, ошол жердеги дарыяны калдыктардан тазалоо менен байланышкан эле. Каршылык аракеттердин натыйжасында компания өз ишмердигин убактылуу токтотту. Кыргызстандын Башкы прокуратурасы компанияны жерди мыйзамсыз пайдаланды деп айыптап, жазык ишин козгоду. Бирок ошондон кийин тез эле ЖМК бул кендерде иш улантылууда деп кабарлашты. 2012-жылы компания коомдоштук менен маселелерди талкуулап, кен казуунун пайдасы жөнүндө маалымат бергенден кийин талаш чечилди деп билдирди.

Талаа иликтөөлөрүндө атайын комитет түзүлгөндүгүн, ал негизинен эмгекчилердин укугуна көңүл бурарын тастыктады. Комитет мүчөлөрү өнөр жай коопсуздугуна жана кендеги кырсыктардан каза болгондордун жакындарына компенсация төлөөгө байланышкан маселелерди чечүү менен алектенет, бирок комитет чыр-чатактын өзөгүндө турган экологиялык маселелерге көңүл бурган жок.

Жалпысынан алганда, талаа иликтөөлөрү ала-букалыктар тоо кен компаниялары эксплуататорлук кылып, жергиликтүү аймакта айлана чөйрөгө зыян келтирип жатат деп эсептей тургандыгын көрсөттү. Тоо кен өнөр жайына карата терс маанидеги жооптор сурам жүргүзүлгөн райондо сан жагынан экинчи орунда турат. Жергиликтүү тургундар тоо кен компаниялары коомдоштуктарга же атүгүл Кыргызстанга пайда келтирүүнү эмес, өз кызыкчылыктарын ойлойт, пайданы чет өлкөгө ташыйт, бул жакта айлана чөйрөнү гана бузат деп эсептейт. Чаткалдагыдай эле, бул райондун тургундары да тоо кен компанияларына ишенбейт. Бирок башка райондорго салыштырмалуу ала-букалыктар мамлекеттин жардам беришине такыр ишенбейбиз, андыктан тоо кен өнөр жайын жергиликтүү тургундар өз колуна алышы керек деп эсептешет.

## 2.5. ЧОҢ-АЛАЙ




### Чоң-Алайдагы чыр-чатактар картасы

Чоң-Алай өрөөнү – бул Кыргызстандын түштүгүндөгү алыскы аймак, анда кен казуу аракети жакынкы жылдарда эле башталган. 2007-жылы кытайлык эки компанияга бул жактан алтын чалгындоо боюнча лицензия берилген, бирок 2011-жылы эле жергиликтүү тургундар аларга катуу каршы турду. Бир айылдын тургундары тоо кен иштеринин айынан радиация адамдардын ден соолугуна терс таасир этип, балдар чарчап же бойдон түшүп калууда деп, райондун кан жолун бөгөдү. Ош облусунун мамлекеттик администрациясы бул талаптар боюнча териштирүү жүргүзгөн, бирок анын жыйынтыктары ачык айтылбай кала берди. 2012-жылы Кыргызстандын парламентинин комитети бир компанияны мыйзамсыз жол менен алтын казып, экспорттогон деп айыптап, лицензиясын алып койду.

Талаа иликтөөлөрү көрсөткөндөй, Чоң-Алайдын тургундарынын көпчүлүгүнүн терс көз карашы бүтүндөй республиканын калкынын мамилесин чагылдырат (суралгандардын жарымына жакын бөлүгү тоо кен өнөр жайына каршы). Алтын кени иштетилген башка райондордогудай эле, бул жактын жергиликтүү калкы да тоо кен өнөр жайы тургундардын саламаттыгына, айыл чарбанын абалына жана айлана чөйрөгө таасир этет деп чочулайт. Пайдалуу казылмаларды өздөштүрүүгө байланышкан көзгө көрүнбөс нурдануу же химиялык уулуу заттардан кооптонууга жергиликтүү тургундардын оор унаалар жолдорду бузуп, чаң-тозоң көбөйүп, дыйканчылык иштерине да тоскоол болот деп тынчсыздануусу кошул-ташыл болууда. Компаниялар менен жергиликтүү тургундар ортосунда карым-катыш аз болгондуктан, ишенбөөчүлүк, шектенүүчүлүк жана кыжырдануу күчөй берет.

Талды-Суу айылынын тургундары кытайлык алтын иштетүүчү компанияларга караганда жакын арадагы көмүр казуучу компания менен жакшы кызматташууда. Аймактагы коом менен тоо кен өнөр жайынын өкүлдөрүнүн ортосундагы мамиле ушундай жүргүзүлсө жакшы болмок. Жергиликтүү тургундар көмүр компаниясы жергиликтүү коомдоштукту өнүктүрүүгө кайсы жерге кандай көмөк керек экендигин көрсөтүп турган жергиликтүү бийлик менен биргеликте жигердүү катышып жаткандыгын айтышат. Компания жергиликтүү мечитке көмүр түшүрүп берген, кедей үй-бүлөлөргө жардамдашып, коомдоштуктун башка маселелерин чечүүгө көмөк көрсөткөн. Алтын иштетүүгө салыштырмалуу көмүр казуунун артыкчылыгы – көмүр казуудан айлана чөйрөгө зыян анча чоң болбойт, ошол эле учурда пайдасы да азыраак болгондуктан, чет өлкөлүктөр көп кызыкпайт, саясий жана экономикалык кызыкчылыктарга да себепчи боло бербейт деген пикир бар. Ошентсе да жергиликтүү тургундар көмүр өнөр жайын экологиялык зыяны аз болгондугу үчүн эле эмес, компанияга карата мамилеси жакшы болгондугу, компания өз жардамын аябай келгендиги үчүн да колдоп жаткандыгын эске алуу керек.

## 2.6. КАДАМЖАЙ




### Кадамжайдагы чыр-чатактар картасы

Кадамжайда эчактан бери эле сымап менен сурьма кендери иштетилип келген. Совет доорунда ал сымап менен сурьма өндүргөн эң башкы район болгон. Кадамжайдагы тоо кен компаниянын үлүшү дүйнөдөгү сурьма камынын 15тей пайызы туура келет. Азыркы кезде ишкана кымбат баалуу металлдарды казып албаса да, чийки затты башка жактардан алып келип, заводдо сурьма өндүрөт. Кадамжай районунда жайгашкан Хайдаркан сымап комбинаты 70 жылдан бери дүйнөдө сымап менен сурьма өндүргөн эң ири ишкана болуп саналат. Совет доорунан бери иштеп келген бул ишканалардан тышкары республика эгемендикке жетишкенден кийин жаңы компаниялар да райондо алтын кендерин чалгындай баштады. Дал ушул изилдөөлөргө байланыштуу компаниялар менен коомдоштуктар ортосунда чыр-чатактар көп чыгууда.

Райондо алтын кендерин бир нече жыл бою чалгындап, жергиликтүү коомдоштуктардын мамилеси да жакшы экендигине кубанган австралиялык компания 2011-жылы алтын каза баштоону чечкендигин жарыялады. Буга 2012-жылы жергиликтүү калк каршы туруп, чуу көтөрүштү. Каршылыкка чыккандар экологиялык маселелер болбошу үчүн деп жергиликтүү автожолду тосуп, аймакта алтын иштетүүгө мораторий киргизүүнү талап кылышты.

2012-жылдагы изилдөө көрсөткөндөй, Кыргызстанда Кадамжайдагы тоо кен иштерине карата эң катуу каршылык көрсөтүлүп жатыптыр. Суралуучулардын 76 %ы тармакка терс мамилесин билдирип, тоо кен компаниялары биздин кызыкчылыктарын эске албайт дешет. Бул иликтенген райондордун арасынан эң жогорку көрсөткүч. Бул маалыматтар чыр-чатактардын эң орчундуу себеби компаниялар менен коомдоштуктардын карым-катышы жоктугу экендигин күбөлөндүрүп турат. Мисалы, суралгандардын 92 %ы биздин сөзүбүзгө тоо кен компаниялары кулак салбайт дешет. Мындан тышкары, суралгандар тоо кен компанияларынан башка райондордогуга салыштырмалуу маалыматты аз алып жатабыз дейт. Ошондуктан жергиликтүү тургундар маалыматты көбүнчө чын-төгүнү белгисиз имиш кептерден алышчу.

Кадамжайдагы чыр-чатактын башка райондордогу жаңжалдардан айырмасы, коомдоштук мүчөлөрү муну карым-катыштын жоктугунан эле эмес, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чырмалышып кеткендигинен көрүшкөндүгүндө. Кадамжайлыктар жергиликтүү бийлик органдарынан алган маалыматка, кен иштетүү жаатындагы маселелериңерди чечип беребиз деген улуттук да, жергиликтүү да бийликтин адамдарынын убадасына анча ишенбей калган, анткени кен казууну токтоткула деген алардын талабы орундалбай кала берген эле. Жергиликтүү тургундардын көбү бул жактагы тоо кен компаниялары жергиликтүү бийлик органдар менен өтө эле жакындашып кеткен деп эсептешет. Башкача айтканда, компаниялар талаш маселелерди жергиликтүү коомдоштуктун катышуусуз эле бийлик органдары менен чечкенге ыктап алган дешет.

# 3. ЧЫР-ЧАТАКТАРДЫ ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА НУСКАМАЛАР

2012-жылы жүргүзүлгөн иликтөөлөр жергиликтүү коомдоштуктардын тоо кен өнөр жайын өнүктүрүүгө каршы турушунун негизги себеби анын айлана чөйрөгө зыян тийгизиши ыктымалдыгы экендигин көрсөттү. Жергиликтүү тургундар пайдалуу казылмалардын, айрыкча чет өлкөлүк компаниялар тарабынан өздөштүрүлүшү жергиликтүү коомдоштуктарга социалдык жана экономикалык жактан пайда келтирбейт деп тынчсызданууда. Алар компания жумушка жергиликтүү эмес адамдарды алып, бул жактагы инфратүзүмдү начарлатып жатат, убада кылган жеңилдиктерди же компенсацияны камсыздай албай жатат, ошондой эле чет өлкөлүк компаниялар пайданы четке ташып кете берет да, бүтүндөй Кыргыз Республикасынын жана анын аймактарынын экономикасын өнүктүрүүгө эч кандай салым кошпойт деп наразы болууда.

Айрым чөйрөлөрдө белгилүү компанияларды коргоо же лицензиялуу кендерден сүрүп чыгуу, же болбосо кенди басып алуу максатын көздөгөн жашыруун күчтөр элди каршылыкка тукуруп жатат деген ойлор да айтылып келет. Сырткы күчтөр жергиликтүү тургундарды көкүтүүгө аракеттенген учурлар болгону ырас, бирок талаа иликтөөлөрү көрсөткөндөй, жергиликтүү тургундардын нааразылыгы бардык эле жерлерде байкалат, бул чыр-чатактын негизги себеби болуп саналат.

Жогоруда сөзгө алынган 6 райондун тажрыйбасы маалыматтын, түздөн-түз карым-катыштын жоктугу жана компаниялардын жергиликтүү деңгээлде ачык-айкын иштебей жаткандыгы чыр-чатактардын ырбашына чоң таасир этет:

***Компаниялардын пайдалуу казылмаларды өздөштүрүү ишмердиги, айрыкча анын адамдардын саламаттыгына жана айлана чөйрөгө таасири жөнүндө маалыматтын коомдоштуктарга жетиштүү берилбегендиги.*** *Жергиликтүү тургундар кен казуу долбоорлорунун экологиялык жана медициналык таасирине чын ыкластан кыжаалат болот. Жергиликтүү маалымат компаниялары тургундарга бул коопчулуктар жана аларды жөнгө салуу жөнүндө маалыматты көбүнчө жетишсиз, өз убагынан кечиктирип, пайдалануучулар үчүн жеткиликсиз формаларда беришет. Маалымат боштугун жалган маалымат толуктайт да, калктын тынчсызданууcу басылбай кала берет. Ошондуктан компаниялар тургундарга пайдалуу казылмаларды өздөштүрүү долбоорлору, алардын тургундардын саламаттыгына, жашоо деңгээлине жана айлана чөйрөгө тийгизер таасири жөнүндө маалыматты убагында жана жетиштүү берип турушу керек.*

***Тынчсыздандырган маселелер боюнча пикир алмашуу үчүн жергиликтүү тургундар менен тикелей байланыштын жана карым-катыштын жоктугу.*** Тоо кен компаниялары тымызын иш жүргүзөт, жергиликтүү коомдоштуктардын турмушуна кызыкпайт деп жергиликтүү тургундар шектенишет. Көпчүлүк компаниялардын жер-жерлерде өкүлчүлүгү жок болгондуктан, кез-кезде гана жергиликтүү жамааттар менен жергиликтүү бийлик органдары сыяктуу ортомчулар аркылуу иш жүргүзөт. Мунун айынан алардын кадыр-баркы кетип, алар жергиликтүү элдин эмес, өздөрүнүн (чет өлкөлүктөрдүн) кызыкчылыктарын ойлойт деген терс пикирди бышыктайт. Мисалы, жергиликтүү коомдоштуктардын айрым өкүлдөрү тоо кен компаниялары менчик ээлеринин гана пайдасына тымызын иштейт, жетекчилер жана компаниялардын өкүлдөрү аксымдык кылат, эл менен сүйлөшпөйт деп эсептешет.

***Саясаттын, айрыкча жумушка алуу жана каржылык жардам же төлөмдөр менен байланышкан иштердин ачык-айкын эместиги.*** *Тоо кен компанияларынын көбүнчө көмүскө иштеши аларды коррупциялашкан, адепсиз же айрым топтогуларга гана артыкчылык берет деп айыптоого шылтоо болууда. Кызматкерлерди жумушка ачык-айкын кабыл албайт, каржылык же башка жардамды таратканда жана/же бөлүштүргөндө калыстык кылбайт, лицензиялуу кендерде жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө маалымат берип турбайт деген дооматтарды жергиликтүү тургундар көп айтат.*

Төмөндө Кыргыз Республикасынын тоо кен тармагында иш жүргүзүүнү каалаган тоо кен компаниялары үчүн практикалык жана усулдук нускамалар келтирилди. Булар тоо кен компаниялары, жергиликтүү коомдоштуктар, жергиликтүү жана улуттук бийлик органдары ортосунда, улуттук кеп-кеңештер жана баарлашуулар алкагында жүргүзүлгөн талкуулар менен макулдашуулардын натыйжасында иштелип чыкты; минералдык ресурстар жана укуктук реформалар жаатында өкмөт кабыл алган саясатка да шайкеш келет (4-бөлүмдү караңыз). Булар сынактан да өткөрүлүп, колдонулган чөйрөлөрдө чыр-чатактарды азайтууга жакшы өбөлгө түзөрү далилденди.

## 3.1. КАЛК МЕНЕН ИШТЕШҮҮ БОЮНЧА НУСКАМАЛАР

Жергиликтүү коомдоштуктар менен чырдашып калбаш үчүн тоо кен компаниялары буларды жасашы керек:

- Иш кайсы баскычка жеткенине карай, кенге эң жакын жайгашкан калктуу конуштун чегинде каттоодон өтүү жана/же кеңсе ачуу керек.
- Ишти баштаардан мурун компаниянын жакынкы мезгилдеги жана келечектеги иштеринин планын жергиликтүү калкка маалымдоо өнөктүгүн өткөрүп, долбоордун жүрүшүндө жергиликтүү калкка дайыма маалымат берип туруу керек.
- Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте пайдалуу казылма кендерин издөө, чалгындоо жана иштетүү долбоорлору боюнча лицензиялуу аянттарда иш башталганга чейин коомдук угууларды өткөрүп, кийин да тоо кен долбоорлорунун жүзөгө ашырылыш процессинде жергиликтүү коомдоштукка дайыма маалымат берип туруу керек.
- Жергиликтүү коомдоштуктун, жергиликтүү мамлекеттик жана өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүн катыштырып, дайыма коомдук экологиялык мониторинг жүргүзүп туруу керек.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте компаниянын ишмердигин пландаштыруу процессине жергиликтүү коомдоштуктун өкүлдөрүн катыштыруу механизмдерин иштеп чыгуу керек.
- Жигердүү тургундар менен компаниянын өкүлдөрү катышкан комиссияларды түзүүнүн максатка ылайыктуулугун караштыруу керек. Бул комиссия жергиликтүү калк менен компаниянын кызматташуусунун ар түрдүү өңүттөрү, мунун ичинен экологиялык маселелер боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана маалымат алмашуу үчүн кызмат кыла алат.
- Калкка компаниянын ишмердиги, жакынкы мезгилге түзүлгөн пландары жана программалары жөнүндө толук жана анык маалыматты берип турууучу маалымат борборлорун же кеңселерин ачуу керек.
- Мерчемделген иш-чаралар, иштердин жыйынтыгы, кызматкерлерди жалдоо, жергиликтүү товарларды жана тейлөө кызматтарын сатып алуу эрежелери ж.б. жөнүндө мамлекеттик (кыргыз) тилде жеткиликтүү баяндаган маалыматты өз убагында берип туруу керек.
- Жергиликтүү коомдоштуктун кызыкчылыктарын эске алуу менен кызматкерлерди жалдоо, товарларды жана тейлөө кызматтарын сатып алуу боюнча саясаттын принциптерин иштеп чыгып, жарыялоо, аларды жергиликтүү калкка маалымдоо керек.
- Компанияга кызматкерлерди тандап, жалдоодо жергиликтүү тургундардын таламын жана пикирин эске алуу, бул үчүн биргелешкен комиссия түзүү керек.
- Тоо кен тармагына адистерди даярдоо жана кайра даярдоо керек. атайын окутуу үчүн жергиликтүү кенге жакын жайгашкан коомдоштуктардан жаштарды тартуу керек.
- Окутуу жана ар түрдүү маалымат иш-чараларын өткөрүп туруу аркылуу жергиликтүү калктын экологияга, кен байлыктарды пайдаланууга, өнөр жай коопсуздугуна тиешелүү маселелер боюнча билимин арттыруу керек.
- Калктын аялуу катмарларына, саламаттыгы жагынан мүмкүнчүлүгү чектелгендерге, аялдарга, балдарга жана улгайган жарандарга жардам көрсөтүү үчүн даректүү социалдык иштерди жүргүзүп туруу керек.
- Компаниянын социалдык жоопкерчилиги жөнүндө маалымат таратуунун катнаштык стратегиясын иштеп чыгуу керек.
- Жергиликтүү калктын маданий жана коомдук турмушуна катышуу зарыл.

## 3.2. КОМПАНИЯЛАРГА ЖЕРГИЛИКТҮҮ БИЙЛИК ОРГАНДАРЫ МЕНЕН ИШТЕШҮҮ БОЮНЧА НУСКАМАЛАР

Кен казуучу компаниялар жергиликтүү коомдоштуктар менен чырдашууларды болтурбоо максатында жергиликтүү бийлик органдары жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар менен кызматташууга тийиш. Алар төмөндөгүдөй иштерди жүргүзүшү керек:

- Жергиликтүү бийлик менен биргеликте чыр-чатактарды чечүүнүн укуктук жолдорун иштеп чыгуу керек.
- Анык маалыматты алмашып туруу жана өз убагында маалымдоо тутумун түзүү керек.
- Кен байлыктарды пайдалануу чөйрөсүндөгү ар түрдүү маселелерди укуктук жөнгө салуу жөнүндө колдонмолорду жана материалдарды биргелешип иштеп чыгуу керек.
- Тоо кен компанияларынын мүлкүнө жана кызматкерлерине карата укук бузуучу иш-аракеттер жасалган учурда укук жоопкерчилиги кандай болорун жергиликтүү тургундарга жергиликтүү бийлик органдары менен биргеликте түшүндүрүү керек.
- Зарылдыгына карай, тоо кен компанияларынын ишмердигин эске алуу менен, районду өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү стратегиясын иштеп чыгуу жагынан жергиликтүү бийлик органдарына көмөктөшүү, ошондой эле тоо кен компанияларынын иши аяктагандан кийин да туруктуу өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрүн караштыруу керек.
- Кызыгып кайрылган тургундарга бериши үчүн жергиликтүү бийлик органдарына компаниянын ишмердиги, жүргүзүп жаткан иштери жөнүндө маалымат материалдарын берүү керек.
- Жергиликтүү калктан даттанууларды жана сунуштарды жаздырып алуу, даттанууларга жана сунуштарга өз убагында жооп кайтарылышын көзөмөлдөө жана мониторингдеп туруу үчүн атайын дептерлерди жергиликтүү бийлик органдарынын имараттарына жана компаниянын кеңсесине коюунун максатка ылайыктыгын караштыруу керек.



# 4. КЕН БАЙЛЫКТАРЫН ПАЙДАЛАНУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨ РЕФОРМА ЖҮРГҮЗҮҮ

Жергиликтүү калк менен тоо кен компанияларынын карым-катышын талдап, мамлекет калк менен компаниялар ортосундагы болуп жаткан карама-каршылыктарды жоюу жана ыктымал тирешүүлөрдүн алдын алуу боюнча чараларды көрө баштады. Жергиликтүү коомдоштуктар менен инвесторлордун узак мөөнөттүү мамилелерин жөнгө салуу менен, кендерди геологиялык жактан изилдеп, иштетүү жагынан олуттуу мүмкүнчүлүктөрдү айкындап, инвестициялар үчүн жагымдуу чөйрө түзүүгө, акыр аягында бүтүндөй Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүгө жол ачылды.

Соңку жылдарда кен байлыктарын пайдалануу жаатында, атап айтканда, мыйзам чыгаруу жагынан, олуттуу реформалар жүргүзүлдү. 2017-жылы Кыргыз Республикасынын Бюджет кодекси кабыл алынды, Кыргыз Республикасынын «Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө» мыйзамына кен пайдалануу укугун бергендеги акыдан, кен байлыктарын пайдалануу укугунун лицензиясын кармап туруу акысынан салыкты республикалык жана жергиликтүү бюджеттер ортосунда бөлүштүрүү маселелерин жөнгө салгыдай өзгөртүүлөр киргизилди. Бул минералдык ресурстардан салыктык эмес төлөмдөрдүн үлүшү (2%) жергиликтүү инфратүзүмдү каржылоо жана экономиканы өнүктүрүүгө жумшаларына кепилдик берет[8]. 2014-жылы КР Өкмөтү «Аймактарды өнүктүрүү фондун (АӨФ) түзүү жөнүндө» типтүү жобону бекитти. Натыйжада жер-жерлерде 27 АӨФ катталды. АӨФ түзүүнүн негизги максаты – шаарлар менен айылдардагы коомдоштуктардын жарандардын жашоо деңгээлин жакшыртууга, жергиликтүү экономикалык өнүгүү үчүн шарт түзүүгө багытталган артыкчылыктуу демилгелерин колдоо. АӨФтү тоо кен компанияларынын иштешинен жабыркаган коомдоштуктар жашаган жердин инфратүзүмүн жакшыртуу, пайдалуу казылмаларды өздөштүрүүнүн терс натыйжаларын (мисалы, жолдордун, жайыттардын бузулушу, суунун булганышы) азайтуу үчүн пайдаланууга болот.

Кен байлыктары жөнүндөгү мыйзамдарды реформалоонун жүрүшүндө лицензиялуу аянттарга жакын жашаган жергиликтүү калктын кызыкчылыктарын коргоп, бекемдей турган жаңы жоболор киргизилди. Атап айтканда, кен байлыктарын пайдалануу укугун берүү тартиби өзгөртүлдү, кен байлыктарын пайдалануу укугун түз сүйлөшүү жолу менен берүүдөн тышкары бул укукту алууга жол ача турган аукциондор жана конкурстар тутуму киргизилди. Кен пайдалануу укугун берүү, бул укукту ыйгаруучу аукциондорду кен жайгашкан жердин өзүндө уюштуруу боюнча комиссиялардын курамына жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлдөрүн кошуу практикасы колдоого алынды. Мындан тышкары, лицензия кармап туруу боюнча жергиликтүү бийлик органдарына акы төлөтүү эрежеси киргизилди. Акырында, жалпы мамлекеттик маанидеги кендерди чалгындап иштетүүчү компаниялар үчүн социалдык топтом жөнүндө келишим түзүү милдети аныкталды.

Тоо кен компанияларына жакшы мамиле жасалышынын орчундуу шарттарынын бири Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын сакталышы болуп саналат. Атап айтканда, жергиликтүү калк компаниялардын салык милдеттенмелерин, социалдык топтом алкагында алган милдеттенмелерин, айлана чөйрөнү коргоо жаатындагы, жерлерди пайдалануу жана кен долбоорлору аяктагандан кийин калыбына келтирүү боюнча милдеттенмелерин аткарышын ойлоп тынчсызданат.

Мындан тышкары, акыркы беш жылда ЭӨКМК жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, тоо кен компаниялары жана сүрөөнчү уюмдар[9] менен биргеликте соңку 5 жылдан бери тоо кен тармагынын ачык-айкындыгын, мисалы, кен казуу укугун берүү процессинин ачык-айкындыгын арттыруу максатында жергиликтүү калкка кен байлыктарды пайдалануунун ар түрдүү өңүттөрү жөнүндө маалымат берүү иш-чараларын дайыма өткөрүп келет.

8 КР Каржы министрлигинин маалыматтарына ылайык, -2015жылдын аягына карата казынанын жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнтүктүрүүгө багытталган 2 %дык салык эмес төлөмдөр боюнча атайын эсебинде 038,27 638 829 сом топтолгон, мунун ичинен 316 622 952,49 сом райондук жана облустук маанидеги АӨФтөргө жана 085,78 321 207 сом жергиликтүү бюджеттерге ажыратылган.

9 Алардын катарында USAID, EBRD, Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ), Бириккен Королдуктун Эл аралык өнүгүү департаменти (DFID), Дүйнөлүк банк, Peace Nexus, Сорос Фонду жана Өнүгүү укугунун маселелери боюнча эл аралык уюм (IDLO) бар.

Маалымат иш-чараларынын негизги түрлөрү:

- тоо кен тармагына тиешелүү экологиялык тренингдер;
- ЖӨБО жана тоо кен компаниялары уюштурган коомдук угуулар;
- ЭӨКМК өкүлдөрү өткөргөн маалыматтык кездешүүлөр, кеп-кеңештер, ачык аукциондор;
- коомдук кабылдамаларда күн сайын өткөрүлүүчү кеп-кеңештер.

Бул күч-аракеттердин натыйжасында коомдоштуктар, жергиликтүү бийлик органдары жана тоо кен компаниялары ортосундагы карым-катыш жакшырды. Кеңири маалымат таратуу өнөктүктөрү коомчулуктун тоо кен компанияларына болгон ишенимин бекемдөөгө олуттуу таасир этти, коомчулуктун маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн арттырды. Беш райондо коомдук маалымат таратуу ишмердигин баалоо ишинин алкагында жакында жүргүзүлгөн изилдөө көрсөткөндөй, суралгандардын 80ден ашуун %ы тоо кен өнөр жайын өнүктүрүүнү колдоорун билдирген[10].



10 M-Vector, «Борбордук Азиядагы Евразия Фондунун “Жергиликтүү башкаруу жана кызматташуу демилгеси” программасынын алкагында АКШнын Эл аралык кызматташуу агенттигинин (USAID) колдоосу менен жүргүзүлгөн иш-чараларга калктын берген баасы», -2015ж.

# 1-ТИРКЕМЕ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНДА КАРАЛГАН КЕН БАЙЛЫКТАРЫН ПАЙДАЛАНУУЧУЛАРДЫН КЕНДЕРГЕ ЖАКЫН ЖАШАГАН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КООМДОШТУКТАРДЫН УКУКТАРЫ МЕНЕН КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫНА ТИЕШЕЛҮҮ МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИ[11]

## 1. МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ БИЙЛИК ОРГАНДАРЫНЫН КЕН БАЙЛЫКТАРЫН ПАЙДАЛАНУУ ЖААТЫНДАГЫ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ

Кыргызстандын бир катар мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдары Кыргыз Республикасынын тоо кен секторуна тиешелүү саясаттын, мыйзамдардын жана ченемдик актылардын иштелип чыгышында, жүзөгө ашырылышында жана сакталышын камсыздоодо белгилүү роль ойнойт:

**Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана кен байлыктарын пайдалануу боюнча мамлекеттик комитети**

*http://gkpen.kg/*

Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана кен байлыктарын пайдалануу боюнча мамлекеттик комитети (мындан ары – «Мамлекеттик комитет») Кыргыз Республикасындагы кен байлыктарын пайдалануу боюнча мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп саналат. Мамлекеттик комитеттин өнөр жай жана отун-энергетика комплекси жаатындагы иш-милдеттерине кошумча бул ыйгарым укуктарга ээ:

- кен байлыктарын пайдалануу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты иштеп чыгат, мунун ичинен кен байлыктарын пайдалануу укугун берүү тутумун уюштурат;
- кен байлыктарын геологиялык жактан иликтөө жана казып алуу үчүн инвестицияларды тартат;
- Пайдалуу казылмалардын корунун мамлекеттик балансын, ошондой эле Кендердин жана пайдалуу казылмалардын айкындалышынын мамлекеттик кадастрын жүргүзөт;
- кен байлыктарын, мунун ичинен жер асты сууларын пайдалануу укугун берет, токтото турат жана токтотуп коёт;
- тоо кен жана геологиялык долбоорлорду экспертизадан өткөрөт;
- кен байлыктарын геологиялык иликтөө жана өнөр жайда өздөштүрүү учурунда кен байлыктарынын пайдаланылышына жана корголушуна көзөмөл жүргүзөт.

**Кыргыз Республикасынын Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясы**

*http://www.geti.gov.kg*

Кыргыз Республикасынын Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясы (мындан ары – «Мамэкотехинспекция») – экологиялык жана техникалык коопсуздук маселелери боюнча көзөмөл жүргүзүүчү мамлекеттик орган. Мамэкотехинспекция Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын, жаратылыш коргоо мыйзамдарынын аткарылышына, айлана чөйрөнүн корголушуна жана табигый ресурстардын, кен байлыктарынын сарамжалдуу пайдаланылышына көзөмөл жүргүзөт.

**Кыргыз Республикасынын Айлана чөйрөнү коргоо жана токой чарба мамлекеттик агенттиги**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Айлана чөйрөнү коргоо жана токой чарба мамлекеттик агенттиги (мындан ары – «Айлана чөйрөнү коргоо боюнча мамлекеттик агенттик») – айлана чөйрөнү коргоо, экологиялык коопсуздукту камсыздоо жана жаратылышты пайдалануу жаатындагы саясатты жүргүзүүгө жана мамилелерди жөнгө салууга ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган. Айлана чөйрөнү коргоо боюнча мамлекеттик агенттик пайдалуу казылмаларды издеп, чалгын-

11 Бул бөлүмдө келтирилген укуктук жана салык маалыматтар юридикалык, салыктык кеп-кеңеш же корутунду эмес, мындай мааниде каралышы да мүмкүн эмес. Маалымат Кыргыз Республикасынын -2017жыл, -1сентябрга карата иштеп турган мыйзамдарынын негизинде даярдалды.

доо учурунда сакталышы милдеттүү болгон техникалык долбоорлорду экологиялык экспертизадан өткөрөт.

**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматы**

*http://www.sti.gov.kg/*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы салык мыйзамдарынын аткарылышына, салык жана салыктык эмес төлөмдөрдүн өз убагында төлөнүшүнө көзөмөл жүргүзүүчү компетенттүү орган болуп саналат.

**Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрациялары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары**

Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар райондун аймагында Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, мамлекеттик комитеттеринин жана башка мамлекеттик органдарынын аймактык бөлүмчөлөрүнүн макулдашып иштешин камсыздай турган мамлекеттик аткаруу бийлигинин органдары болуп саналат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү маанидеги маселелердин чечилишин камсыздайт.

**Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрациялары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:**

- мыйзамда белгиленгендей лицензиясы бар болгондо, жер тилкелерин ажыратат жана убактылуу пайдалануу укугун берет;
- пайдалуу казылмаларды уруксатсыз казып алууга бөгөт коёт;
- кендерди иштетүүдө, геологиялык жактан иликтөөдө колдонулуучу мүлктүн жок кылынышын жана консервацияланышын, жер тилкелеринин жана лицензиялуу объектилердин кайра калыбына келтирилишин көзөмөлдөйт;
- кен байлыктарын пайдалануу долбоорлоруна коомдук экологиялык экспертиза уюштурат;
- кен байлыктарын пайдалануучулардын ишмердигине мыйзамсыз кийлигишүүлөрдү болтурбоо үчүн жергиликтүү калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзөт.

**Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги**

*http://mineconom.gov.kg/*

Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги (мындан ары – «Экономика министрлиги») инвестициялык жана тышкы экономикалык саясат, экономикалык жана аймактык өнүгүү жаатында мамлекеттик саясатты иштеп чыгып, жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу орган болуп саналат. Башка иш-милдеттери менен катар Экономика министрлиги экспорттук көзөмөл, мунун ичинен Кыргыз Республикасынан пайдалуу казылмаларды ташып чыгууга лицензия берүү жаатында чараларды иштеп чыгып, жүзөгө ашырат.

**Мамлекеттик каттоо кызматына караштуу Кыймылсыз мүлккө ээлик кылуу укугун кадастрлоо жана каттоо департаменти**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Кыймылсыз мүлккө ээлик кылуу укугун кадастрлоо жана каттоо департаменти жер кадастрын, кыймылсыз мүлккө ээлик кылуу укугун каттоо жана белгиленген тартипте катталган укуктар жөнүндө маалыматтарды берүүчү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп саналат. Кен байлыктарын пайдалануучулар кен байлыктарына жана жер тилкелерине болгон укугун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Кыймылсыз мүлккө ээлик кылуу укугун кадастрлоо жана каттоо департаментинде каттоодон өткөрүүгө милдеттүү.

**"Кыргызгипрожер" жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик долбоор институту» мамлекеттик ишканасы**

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин «"Кыргызгипрожер" жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик долбоор институту» мамлекеттик ишканасы (мындан ары – «Кыргызгипрожер») Кыргыз Республикасынын аймагында жерге жайгаштыруу жана жер-кадастр боюнча долбоор-иликтеп чыгуу иштеринин комплексин аткарат. Кыргызгипрожер кен байлыктарын пайдалануу укугуна лицензияны кармап туруу төлөмүн эсебин чыгаруу үчүн лицензиялуу аянттарга кирген айыл аймактарынын так чектери жана аянты жөнүндө маалымкат берүүгө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп саналат.

**Архитектура, курулуш жана турак-жай-коммуналдык чарба боюнча мамлекеттик агенттик**

*http://www.gosstroy.gov.kg/*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак-жай-коммуналдык чарба боюнча мамлекеттик агенттик кен байлыктарын пайдалануу учурунда инфратүзүм объектилерин курууга, көбүнчө кен иштетүү баскычында, лицензия жана уруксат берүү иш-милдетин аткарат.

***Мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарынын кен байлыктарын пайдалануу жаатындагы ыйгарым укуктарын жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актылар:***

- Кыргыз Республикасынын «Кен байлыктары жөнүндө» 2012-жыл, 9-августтагы № 160 мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» 2011-жы, 15-июлдагы № 101 мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» 2011-жыл, 14-июлдагы №96 мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы жөнүндө» 2012-жыл, 16-февралдагы № 100 токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Кыймылсыз мүлк укугун кадастрлоо жана каттоо департаменти жөнүндө» 2010-жыл, 5-февралдагы № 75 токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана кен байлыктарын пайдалануу боюнча мамлекеттик комитети жөнүндө жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жыл, 15-июлдагы № 401 токтому менен бекитилген;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция жөнүндө жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жыл, 20-февралдагы № 136 токтому менен бекитилген;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Айлана чөйрөнү коргоо жана токой чарба мамлекеттик агенттиги жөнүндө жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жыл, 20-февралдагы № 123 токтому менен бекитилген;
- Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги жөнүндө жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жыл, 20-февралдагы № 117 токтому менен бекитилген;
- Кен байлыктарын пайдаланууга лицензия берүү тартиби жөнүндө жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жыл, 14-декабрдагы № 834 токтому менен бекитилген;
- Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин «"Кыргызгипрожер" жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик долбоор институту» ишканасынын Уставы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жыл, 20-февралдагы № 140 токтому менен бекитилген;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак-жай-коммуналдык чарба боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жыл, 24-июндагы № 372 токтому менен бекитилген.

## 2. КЕН БАЙЛЫКТАРЫН ПАЙДАЛАНУУЧУЛАРДЫН ЛИЦЕНЗИЯЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИ

**а) Кен байлыктарын пайдалануучулардын негизги милдеттенмелери**

Кен байлыктарын пайдалануу укугун берүү шарттары Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана кен байлыктарын пайдалануу боюнча мамлекеттик комитети менен конкурс же аукцион жыйынтыгында, же болбосо тикелей сүйлөшүүлөр аркылуу тандап алынган компаниянын ортосунда түзүлүүчү макулдашууда каралат. Лицензиялык макулдашуу лицензия менен кошо берилет да, анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Башка шарттар менен катар лицензиялык макулдашууда кен байлыктарын пайдалануу тартиби жана шарттары, мунун ичинен анда аныкталган көлөмдөгү иштерди аткаруу жана инвестицияларды тартуу талаптары да белгиленет.

Мыйзамдарда жана лицензиялык макулдашууда тоо кен компаниясынын төмөндөгүдөй милдеттенмелери каралат:

- техникалык долбоорго ылайык иштерди жүргүзүү;
- кен байлыктарын коргоо жана пайдалануу, өнөр жай жана экологиялык коопсуздук жаатындагы мыйзамдардын талаптарын сактоо;
- кенге жакын турган жергиликтүү коомдоштукту социалдык-экономикалык өнүктүрүүгө багытталган социалдык топтомду даярдоо жана жүзөгө ашыруу;
- колдонуудагы салык жана салыктык эмес төлөмдөр, которуулар менен төгүмдөрдүн баарын өз убагында төлөп туруу;
- рекультивация эсебине акча каражаттарын топтоо жана рекультивация иштерин өз убагында жүргүзүп туруу;
- отчётторду жана геологиялык маалыматтарды өз убагында берип туруу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларында кен байлыктарын пайдалануучулар үчүн милдеттүү болгон башка милдеттенмелерди аткаруу талабы каралат.

**b) Лицензияны токтото туруу жана токтотуп коюу үчүн негиздер**

Кыргыз Республикасынын «Кен байлыктары жөнүндө» мыйзамында кен байлыктарын пайдалануу укугун токтото туруу жана токтотуп коюу үчүн негиз болуучу жагдайлардын толук тизмеги көрсөтүлгөн:

***Лицензиянын ишин токтото туруу***

Лицензияны токтото туруу, б.а. кен байлыктарын пайдалануу укугун 3 айга чейинки мөөнөткө чектөө үчүн төмөнкү негиздердин бири болсо жетиштүү:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген кен байлыктарын коргоо, экологиялык жана өнөр жай коопсуздугу боюнча талаптардын бузулушу;
- геологиялык, тоо кен иштеринин аткарылышы жөнүндө жана пайдалуу казылмалардын ташылышы жөнүндө отчётторду Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мөөнөттө бербегендик;
- геологиялык, тоо кен иштеринин аткарылышы жөнүндө жана пайдалуу казылмалардын ташылышы жөнүндө туура эмес маалыматтар камтылган отчётторду бергендик;
- жер тилкесин жана/же лицензиялуу объектини рекультивациялоо каражат топтоо боюнча талаптарды аткарбагандык;
- кен байлыктарын өздөштүрүүдө жумушчулардын жана калктын саламаттыгына коркунуч келтирген, ошондой эле табигый чөйрөгө орду толгус зыян келтирген, пайдалуу казылмалар корун жок кылуучу технологияларды колдонгондук;
- бонус жана/же лицензиялык төлөмдөрдү төлөө мөөнөтүн бузгандык;
- Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана кен байлыктарын пайдалануу боюнча мамлекеттик комитетинин ыйгарым укуктуу кызматкерине юридикалык жактын – кен байлыктарын пайдалануучунун уставдык капиталындагы менчик үлүшүнүн өзгөргөндүгүн өз убагында кабарлабагандык.

Айкындалган мыйзам бузууларды жоюу үчүн лицензиянын ишин токтото туруу чарасын Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана кен байлыктарын пайдалануу боюнча мамлекеттик комитети тарабынан же сот соттук териштирүү ал-

кагында колдонулат. Лицензия токтотула турганда кен байлыктарын пайдалануучу тоо кен мүлктөрүн бузбай, кыйроосуз, адамдар жана айлана чөйрө үчүн коопсуз абалда сактоо жоопкерчилигинен бошотулбайт.

***Лицензиянын ишин токтотуу***

Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана кен байлыктарын пайдалануу боюнча мамлекеттик комитетинин чечими боюнча кен байлыктарын пайдалануу укугун токтотууга, б.а. лицензияны алып коюуга (жокко чыгарууга) төмөнкү негиздердин бири болушу жетиштүү:

- кен байлыктарын пайдалануучуну кен казуудан баш тартышы;
- кен байлыктарын пайдалануу укугун тастыктаган лицензиянын мөөнөтү өтүп кеткендиги (эгер лицензиянын ээси лицензиянын мөөнөтү бүтө электе аны узартуу же трансформациялоо жөнүндө арыз бербеген болсо);
- зарыл экспертизалардын баарынан ийгиликтүү өткөрүлгөн техникалык долбоорсуз иштерди жүргүзгөндүк;
- кен байлыктарын пайдалануучунун укуктарын токтото турууга себеп болгон себептерди өз мөөнөтүндө жойбогондук;
- кен байлыктарын пайдалануучу кен казууга укук берүүчү лицензияны алып жатканда компаниянын түпкү менчик ээлери жөнүндө же каржылык мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө туура эмес маалыматтарды бергендиги аныкталса.

Кыргыз Республикасынын «Кен байлыктары жөнүндө» мыйзамында Жалпы мамлекеттик маанидеги кен байлыктар тизмегине киргизилген объектилер боюнча кен байлыктарды пайдалануу укугун токтотууга кошумча жүйөлөр да камтылган:

- конкурстук объект боюнча конкурстун шарттарында каралган кен байлыктарын пайдалануу акысын жана айып санкцияларын төлөбөгөндүк же убагынан кечиктирип төлөгөндүк;
- бир жолку узартуудан кийин өнөр жай, экологиялык коопсуздук жана кен байлыктарын коргоо жаатындагы жактырылган эксперттик корутундулары бар техникалык долбоорду көрсөтүү мөөнөтүн бузгандык.

Кен байлыктарын пайдалануу укугунун токтотулгандыгы жер тилкесин рекультивациялоо жана тоо кен мүлктөрүн жок кылуу; тоо кен мүлкүн консервациялап, кен байлыктарын пайдалануу укугун кийинки ээсине өткөрүп бергенге чейин бузбай, кыйратпай, адамдар жана айлана чөйрө үчүн коопсуз абалда кармоо; геологиялык маалыматтарды жана баштапкы документтерди Мамлекеттик геологиялык маалымат фондуна өткөрүп берүү милдетинен бошотпойт.

***Кен байлыктарын пайдалануучулардын лицензиялык милдеттенмелерин жөнгө салуучу колдонуудагы ченемдик-укуктук актылар:***

- Кыргыз Республикасынын «Кен байлыктары жөнүндө» 2012-жыл, 9-августтагы №160 мыйзамы;
- Кен байлыктарын пайдаланууну лицензиялоо тартиби жөнүндө жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жыл, 14-декабрдагы № 834 токтому менен бекитилген;
- Кен байлыктарын пайдалануу укугуна конкурс өткөрүү тартиби жана шарттары жөнүндө жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жыл, 14-декабрдагы №834 токтому менен бекитилген;
- Кен байлыктарын пайдалануу укугуна аукцион өткөрүү тартиби жана шарттары жөнүндө жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жыл, 14-декабрдагы №834 токтому менен бекитилген;
- Башка мыйзамдар жана мыйзам актылары.

## 3. КЕН БАЙЛЫКТАРЫН ПАЙДАЛАНУУЧУЛАРДЫН АЙЛАНА ЧӨЙРӨНҮ КОРГОО ЖААТЫНДАГЫ МИЛДЕТТЕРИ

**а) Кен байлыктарын пайдалануучулардын айлана чөйрөнү коргоо жаатындагы негизги милдеттери**

Кен байлыктарын пайдалануучулардын айлана чөйрөнү коргоо жаатындагы негизги милдеттерине булар кирет:

- Кен байлыктарын пайдалануу ишмердигин мамлекеттик экологиялык экспертизадан өткөн техникалык долбоордун алкагында жүргүзүү;
- Экологиялык коопсуз технологияларды жана өндүрүш шарттарын киргизүү;
- Жерди, кен байлыктарын, сууларды, атмосфералык абаны, токойлорду, өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды коргоо, сарамжалдуу пайдалануу, табигый ресурстарды калыбына келтирүү;
- бекитилген технологиялык режимдерди, айлана чөйрөнү коргоо, сарамжалдуу пайдалануу, калыбына келтирүү боюнча белгиленген талаптарды жана чектөөлөрдү сактоо;
- Табигый ресурстарды пайдаланууга байланышкан, өздөрүнө таандык курулуштарды, курулмаларды жана территорияларды айлана чөйрөгө зыян келтирбегидей абалда кармоо;
- Кен байлыктарын пайдалануу укугунун токтотулганда тоо кен мүлктөрүн жок кылуу же аны консервациялап, кен байлыктарын пайдалануу укугун кийинки ээсине өткөрүп бергенге чейин бузбай, кыйратпай, адамдар жана айлана чөйрө үчүн атайын техникалык долбоорго ылайык кен байлыктарын пайдалануучунун эсебинен коопсуз абалда кармоо;
- Тазартуучу курулмалардын, орнотмолордун жана көзөмөл каражаттарынын ишеничтүү жана эффективдүү иштешин камсыздоо;
- Күтүүсүз газ бүркүлүшүн, суу атылышын божомолдоо жана алдын алуу боюнча атайын иш-чараларды жүргүзүү;
- Пайдаланылбай турган тоо кен чыгындылары жана бургулап казылган оюктарды жок кылуу же консервациялоо;
- Жер тилкелерин рекультивациялоо;
- Пайдалуу казылмалары бар кендерди суу каптоодон, нымдашуудан, өрттөн жана пайдалуу казылмалардын сапатын начарлатуучу, кендин өнөр жай баалуулугун төмөндөтүүчү же алардын иштетилишин татаалдатуучу башка жагдайлардан коргоо;
- кен байлыктарын пайдаланууга байланыштуу иштерди жүргүзүүдө, айрыкча мунайды же башка заттарды жана материалдарды жер астында сактаганда, өндүрүштүн кооптуу заттарын жана калдыктарын көмүүдө, агынды сууларды агызганда кендердин булганышын алдын алуу.

Айлана чөйрөгө зыян тийгизбөө үчүн кен байлыктарын пайдалануучуларга төмөндөгүлөр тыюу салынат:

- калктуу конуштарда тоо тек казындыларын, атмосфералык абаны чаң, зыяндуу газдар, жаман жыттануучу заттар менен булгай турган калдыктарды жайгаштыруу;
- кен байлыктарын өз билишинче пайдалануу;
- мамлекеттик экологиялык экспертизанын оң корутундусун алганга чейин жердин үстүңкү катмарын жана кендерди ачууга байланышкан иштерди аткаруу;
- пайдалуу казылмаларга жакын жерлерде өз билишинче курулуш жүргүзүү жана аларды башка максаттарда пайдалануу.

Экологиялык укук бузууларга жол бергендиги үчүн кен байлыктарын пайдалануучулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартипке салуучу, административдик же жазык жоопкерчилигине тартылат. Тартипке салуучу, административдик же жазык жоопкерчилигине тартылганда, күнөөлү жактар айлана чөйрөгө келтирген зыяндын ордун толтуруу милдетинен бошотулбайт.

**б) Кен байлыктарын пайдалануу боюнча техникалык долбоорлорду экологиялык жактан экспертизалоо**

Пайдалуу казылмалары бар кендерди геологиялык, геологиялык-чалгындоо, иштетүүнүн техникалык долбоорлору (жер асты сууларын тартып чыгып пайдалануу долбоорлорун кошпогондо) айлана чөйрөнү коргоо жөнүндөгү мыйзамдардын талаптарына шайкештиги жагынан мамлекеттик экологиялык экспертизадан өткөрүлүшү керек. Бардык зарыл экспертизалардан, мунун ичинен

мамлекеттик экологиялык экспертизадан өткөн техникалык долбоорсуз иш жүргүзүүгө тыюу салынат. Экологиялык экспертиза кен байлыктарын пайдалануу боюнча мерчемделген иштердин айлана чөйрөгө ыктымал жагымсыз таасирин болтурбоо үчүн жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик экологиялык экспертиза жана коомдук экологиялык экспертиза жүргүзүлөт. Мамлекеттик экологиялык экспертизаны Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Айлана чөйрөнү коргоо жана токой чарба мамлекеттик агенттиги жүргүзөт. Коомдук экологиялык экспертиза жарандардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана коомдук бирикмелердин демилгеси боюнча алардын эсебинен жүргүзүлөт. Коомдук экологиялык экспертизанын корутундулары сунуштоо мүнөзүндө жасалат.

***Кен байлыктарын пайдалануучулардын айлана чөйрөнү коргоо жаатындагы милдеттерин жөнгө салуучу колдонуудагы ченемдик-укуктук актылар:***

- Кыргыз Республикасынын Суу кодекси, 2005-жыл, 12-январь № 8;
- Кыргыз Республикасынын Токой кодекси, 1999-жыл, 8-июль, № 66;
- Кыргыз Республикасынын Жер кодекси, 1999-жыл, 2-июнь, № 45;
- Кыргыз Республикасынын «Кен байлыктары жөнүндө» 2012-жыл, 9-августтагы №160 мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасында экологиялык коопсуздукту камсыздоо боюнча жалпы техникалык регламент», 2009-жыл, 8-май, № 151;
- Кыргыз Республикасынын «Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө» мыйзамы, 2001-жыл, 13-ноябрь, № 89;
- Кыргыз Республикасынын «Экологиялык экспертиза жөнүндө» мыйзамы, 1999-жыл, 16-июнь, № 54;
- Кыргыз Республикасынын «Айлана чөйрөнү коргоо жөнүндө» мыйзамы, 1999-жыл, 16-июнь, № 53;
- Кыргыз Республикасында айлана чөйрөгө тизген таасирди баалоо тартиби жөнүндө жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жыл, 13-февралдагы № 248 токтому менен бекитилген;
- Кыргыз Республикасында мамлекеттик экологиялык экспертиза өткөрүү тартиби жөнүндө жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жыл, 7-майдагы № 248 токтому менен бекитилген;
- Кен байлыктарын пайдаланууну лицензиялоо тартиби жөнүндө жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жыл, 14-декабрдагы № 834 токтому менен бекитилген.



## 4. КЕН БАЙЛЫКТАРЫН ПАЙДАЛАНУУЧУЛАРДЫН ЖЕРГЕ УКУК АЛУУ БОЮНЧА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИ

**а) Геологиялык-издөө, геологиялык-чалгындоо иштерин жүргүзүүдөгү жана кен байлыктарын иштетүүдөгү жерге ээлик кылуу укугу**

Геологиялык-издөө жана геологиялык-чалгындоо иштерин жүргүзгөндө кен байлыктарын пайдалануучу жак жерди убактылуу акысыз пайдаланууга жергиликтүү мамлекеттик администрациянын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жазуу жүзүндөгү макулдугун/уруксатын алышы, же болбосо менчик ээси же жер пайдалануучу менен келишим түзүшү керек. Жер тилкесин ээлегенге макулдук/уруксат техникалык долбоордо жана лицензиялык макулдашууда белгиленген мөөнөткө берилет.

Кен иштетүү ишмердигин жүргүзүү үчүн кен байлыктарын пайдалануучу тийиштүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын чечиминин негизинде жерге ээлик кылуу укугун алышы, ижара келишимин түзүшү, жерди убактылуу пайдалануу укугун күбөлөндүргөн документти алышы зарыл.

Кен байлыктарын пайдалануучу жер тилкесин убактылуу пайдалануу укугу берилбей калышы мүмкүн эмес.

Эгер жер өзгөчө баалуу айыл чарба аянты (сугат жана кайрак, кендүү, көп жылдык мөмөлүү дарактар өскөн, маданий жайыт, чөп чабыкка жана түп тамырынан жакшыртылган жайыт) жер же өзгөчө корулуучу жаратылыш аймагы (мамлекеттик жаратылыш коругу, мамлекеттик жаратылыш сейил багы, мамлекеттик заказник, мамлекеттик жаратылыш эстеликтери, мамлекеттик ботаникалык бак, дендрологиялык жана зоологиялык сейил бактар, биосфералык аймактар жана/же резерват, чегарага туташ өзгөчө корголуучу жаратылыш аймагы) болсо, анда алар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими боюнча жерлердин тийиштүү категориясына которулгандан (трансформациялангандан) кийин пайдаланылышы мүмкүн. Пайдалуу казылмаларды иштетиши жана инфратүзүм объектилерин курушу үчүн кен байлыктарын пайдалануучуга жер тилкелери жерлердин башка категориясына которуусуз (трансформациялоосуз), Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте берилет.

**б) Чет өлкөлүк кен байлыктарын пайдалануучулар үчүн жерге ээлик кылуу укугу**

Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарында каралгандай, чет өлкөлүк кен байлыктарын пайдалануучуларга жерге ээлик кылуу укугу кыргызстандык кен байлыктарын пайдалануучуларга берилгендей эле тартипте берилет.

**в) Кен байлыктарын пайдаланууда жерге ээлик кылуу укугун каттоо**

Жерге ээлик кылуу укугун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматына караштуу Кыймылсыз мүлктү кадастрлоо жана каттоо департаментинин жергиликтүү органы жүргүзө турган Укуктардын мамлекеттик бирдиктүү реестринде каттоо зарыл.

**г) Кен байлыктарын пайдалануу учурунда жерге ээлик кылуу укугун токтотууга негиздер**

Жерге ээлик кылуу укугу кен байлыктарын пайдалануучунун укуктары токтотулганда же кен байлыктарын пайдалануучу жер мыйзамдарын бузган учурда токтотулушу мүмкүн.

***Кен байлыктарын пайдалануучунун жерге ээлик кылуу укугун алгандагы милдеттерин жөнгө салуучу колдонуудагы ченемдик-укуктук актылар:***

- Кыргыз Республикасынын Жер кодекси, 1999-жыл, 2-июнь, № 45;
- Кыргыз Республикасынын «Кен байлыктары жөнүндө» 2012-жыл, 9-августтагы №160 мыйзамы.

## 5. КЕН БАЙЛЫКТАРЫН ПАЙДАЛАНУУЧУЛАРДЫН КЕН БАЙЛЫКТАРЫН ПАЙДАЛАНУУ УБАГЫНДА БУЗУЛГАН ЖЕРЛЕРДИ РЕКУЛЬТИВАЦИЯЛОО МИЛДЕТТЕРИ

Жерди рекультивациялоо – бул бузулган жерлердин биологиялык өнүмдүүлүгүн жана эл чарбасындагы баалуулугун калыбына келтирүүгө, ошондой эле айлана чөйрөнүн шартын жакшыртууга багытталган инженердик-техникалык, мелиоративдик, агротехникалык жана башка иш-чаралардын комплекси. Жерди рекультивациялоонун негизги максаты – бул жаратылыштагы экологиялык теңдештикти сактоо, кыртыштын өнүмдүүлүгүн, айыл чарбасында, токой чарбасында жана башка өндүрүштө пайдаланылуучу жерлердин түшүмдүүлүгүн калыбына келтирүү, кайра жаратуу жана жогорулатуу.

**а) Бузулган жерлерди рекультивациялоо милдети**

Пайдалуу казылмалары бар жерлер толугу менен же жарым-жартылай иштетилгенден кийин өзүнө берилген айыл чарба же токой чарба жерлеринде геологиялык, издеп табуучулук, курулуш жана башка иштерди жүргүзүп жаткан кен байлыктарын пайдалануучу ал жер пайдаланылып бүткөндө аны өз эсебинен айыл, токой же балык чарбасына ж.б. пайдаланууга жарагыдай абалга келтирүүгө, ошондой эле жерлерди рекультивациялагандыгы, кыртыштын түшүмдүү катмарын алып пайдалангандыгы жөнүндө жыл сайын отчёт берип турууга тийиш.

Кен байлыктарын пайдалануу укугу токтосо эле, кен байлыктарын пайдалануучунун жер тилкесин рекультивациялоо милдети жок болуп калбайт.

Жер тилкеси жана лицензиялуу объект рекультивациялоонун техникалык долбооруна ылайык рекультивацияланат.

Лицензиялуу аянтты кыскартууга лицензиат Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана кен байлыктарын пайдалануу боюнча мамлекеттик комитетине бузулган жерлердин рекультивациялангандыгы жөнүндө актыны бергенден кийин гана жол коюлат.

**б) Рекультивация фонду**

Кен байлыктарын геологиялык чалгындоого жана иштетүүгө лицензиясы бар кен байлыктарын пайдалануучулар геологиялык кенди чалгындай жана иштете баштагандан тартып ай сайын атайын банк эсебине рекультивациялоо каражаттарын топтоп турууга милдеттүү.

Рекультивация фондунун каражаттары Кыргыз Республикасынын банктарындагы лицензиаттын эсебинде сакталат жана башка максаттарга, мунун ичинен насыячылардын талаптарын канааттандыруу жана салык, бажы төлөмдөрү боюнча карыздарын төлөө үчүн пайдаланылышы мүмкүн эмес. Эгер кен байлыктарын пайдалануучу кудуретсиз болуп калса, жоюлуп кетсе, өлүп калса, рекультивация фондунун каражаттары Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана кен байлыктарын пайдалануу боюнча мамлекеттик комитетинин тапшырыгы боюнча рекультивация иштерин жүргүзүшү үчүн жер тилкесинин ээсинин эсептешүү эсебине которулат. Рекультивация фондунун каражаттарын башка максаттарга сарптоого тыюу салынат. Бул талаптар пайдалуу казылмаларды иштетүү менен байланышпаган жер асты сууларын тартып чыгууда жана жер асты курулмаларын куруп, эксплуатациялоодо да коюлат.

Рекультивация эсебин ачуу жана ага рекультивациялоо үчүн каражат топтоо талабы пайдалуу казылмаларды издеп жаткан кен байлыктарын пайдалануучуларга жайылтылбайт.

**в) Бузулган жерлерди рекультивациялоо милдетин аткарбагандык үчүн жоопкерчилик**

Эгер жер тилкесин жана/же лицензиялуу объектини рекультивациялоо үчүн каражат топтоо боюнча талап аткарылбаса, кен байлыктарын пайдалануу укугу Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана кен байлыктарын пайдалануу боюнча мамлекеттик комитетинин чечими менен 3 айга чейинки мөөнөткө токтотула турушу мүмкүн.

Кендерди геологиялык иликтөө, пайдалуу казылмалары бар кендерди иштетүү, жер асты сууларын тартып чыгуу, пайдалуу казылмаларды иштетүүгө байланышпаган жер асты курулмаларын куруу жана эксплуатациялоо учурунда жер тилкелерин рекультивациялоого каражат топтоо талабы аткарылбаса, ошондой эле жер тилкелерин рекультивациялабай койсо, андан баш тартса, элүүдөн жүзгө чейинки эсептик көрсөткүчтө (5 000ден 10 000 сомго чейин) административдик айып салынат.

***Кен байлыктарын пайдалангандан кийин бузулган жерлерди рекультивациялоо боюнча кен байлыктарын пайдалануучулардын милдеттерин жөнгө салуучу колдонуудагы ченемдик-укуктук актылар:***

- Кыргыз Республикасынын Жер кодекси, 1999-жыл, 2-июнь, № 45;
- Кыргыз Республикасынын «Кен байлыктары жөнүндө» 2012-жыл, 9-августтагы №160 мыйзамы;
- Кен байлыктарын пайдаланууну лицензиялоо тартиби жөнүндө жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жыл, 14-декабрдагы № 834 токтому менен бекитилген;
- Жерлерди рекультивациялоо (калыбына келтирүү) жана аларды эксплуатацияга кабыл алуу тартиби жөнүндө жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1993-жыл, 12-июлдагы № 304 токтому менен бекитилген.



## 6. КЕН БАЙЛЫКТАРЫН ПАЙДАЛАНУУЧУЛАРДЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КООМДОШТУККА СОЦИАЛДЫК ТОПТОМ КАМСЫЗДОО БОЮНЧА МИЛДЕТТЕРИ

### а) Социалдык топтом

Социалдык топтом – бул чегинде лицензия аянт жайгашкан аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүүгө көмөктөшүү жөнүндө макулдашуу, ал жергиликтүү коомдоштукта өнүктүрүү программасынын негизинде даярдалат. Макулдашуу кен байлыктарын пайдалануучу менен тийиштүү администрациялык-аймактык бирдиктин аткаруу органынын ортосунда түзүлөт.

### б) Социалдык топтомду камсыздоо милдети

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кен байлыктарын пайдалануучулар кен жайгашкан аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүүгө багытталган социалдык топтомду жүзөгө ашырууга милдеттенишет. Социалдык топтом түзүү милдети пайдалуу казылмаларды чалгындоо жана иштетүү этабында турган жалпы мамлекеттик маанидеги кен объектилерине гана жайылтылат. Жалпы мамлекеттик эмес маанидеги кендерди геологиялык-издөө, геологиялык-чалгындоо жана иштетүү иштерин жүргүзүп жаткан кен байлыктарын пайдалануучулар кен жайгашкан аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүүгө көмөктөшүүгө милдеттенбейт.

### в) Социалдык топтомдун курамы

Социалдык топтомго чегинде жалпы мамлекеттик маанидеги кен жайгашкан жергиликтүү коомдоштуктун социалдык-тиричилик шарттарына (кадр даярдоого, жергиликтүү тургундарды жумушка орноштурууга, инфратүзүм курууга жана башка шарттарга) инвестиция жумшоо программасы кирет. Аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө көмөктөшүү жөнүндө макулдашуу андан ары караштырышы жана жактырышы үчүн техникалык долбоорду түзүү баскычында Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана кен байлыктарын пайдалануу боюнча мамлекеттик комитетине көрсөтүлөт.

Жалпы мамлекеттик маанидеги кендерди пайдалануу укугу конкурстук негизде берилет. Мамлекеттик маанидеги ар бир объект боюнча социалдык топтомду берүү мөөнөтүн, кен байлыктарын пайдалануучулардын милдеттенмелерин жана инвестициялардын эң аз өлчөмүн ведомство аралык конкурс комиссиясы аныктайт. Төмөндө Кыргыз Республикасындагы кендерди пайдалануу үчүн социалдык топтомдун курамы боюнча конкурстун шарттары келтирилди.

**Жерүй аянтында кен байлыктарын пайдалануу укугуна тиешелүү социалдык топтом**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жыл, 16-февралдагы № 41-р буйругуна ылайык, Жерүй алтын кенин иштетүү жана Жерүй аянтын геологиялык иликтөө максатында конкурс жеңүүчүсү социалдык топтомду (макулдашууну) көрсөтүүгө милдеттенет. Ага жергиликтүү коомдоштукту социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы, жергиликтүү инфратүзүмдү өнүктүрүүгө инвестициялоо программасы, иш жүргүзүлгөн райондогу калк үчүн жумуш орундарын уюштуруу, кенди өздөштүрүүдө жергиликтүү эмгек ресурстарын мүмкүн болушунча кеңири пайдалануу, иштерге тартуу максатында жергиликтүү тургундарды кесипке даярдоону уюштуруу, Талас облусун социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасына байланышкан башка маселелерди чечүүгө көмөктөшүү камтылат. Мында жергиликтүү коомдоштукту өнүктүрүүгө жумшалуучу ар жылдык инвестициянын алгачкы үч жылдагы өлчөмү 100 миллион сомдон кем эмес, ал эми кийинки жылдарда – 150 миң сомдон кем эмес болушу керек.

**Терекхан, Перевальное жана Терек кендерин иштетүү максатындагы кен байлыктарын пайдалануу укугуна тиешелүү социалдык топтомдун шарттары**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жыл, 16-сентябрдагы № 459-р буйругуна ылайык, Терекхан, Перевальное жана Терек кендерин иштетүү максатындагы кен байлыктарын пайдалануу шарттарынын бири болуп төмөндөгүлөрдү камтыган социалдык топтомду көрсөтүү болуп саналат: жерүү коомдоштук-

ту жана аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы, калк үчүн жумуш орундарын уюштуруу жана иштерге тартуу максатында жергиликтүү тургундарды кесипке даярдоону уюштуруу. Мында алтын чайкоо фабрикасын куруу мезгилиндеги жергиликтүү коомдоштукту өнүктүрүүгө жумшалуучу ар жылдык инвестициянын өлчөмү 15 миллион сомдон кем эмес, ал эми кийинки жылдарда – 20 миллиондон кем эмес болууга тийиш.

**Бел-Алма кенин пайдалануу укугуна тиешелүү социалдык топтомдун шарттары**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жыл, 19-марттагы № 107-р буйругуна ылайык, Бел-Алма күрөң көмүр кенин чалгындоо максатында кен байлыктарын пайдалануу укугуна тиешелүү конкурстун жеңүүчүсү лицензия алган күндөн 2 ай өтө электе жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары караштырып жактырышы үчүн социалдык топтомдун долбоорун көрсөтүшү зарыл. Ага жергиликтүү коомдоштукту жана аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы, жергиликтүү инфратүзүмдү өнүктүрүүгө инвестициялоо программасы, иш жүргүзүлгөн райондо жашаган калк үчүн жумуш орундарын уюштуруу, кенди өздөштүрүүдө жергиликтүү эмгек ресурстарын мүмкүн болушунча кеңири пайдалануу, иштерге тартуу максатында жергиликтүү тургундарды кесипке даярдоону уюштуруу, социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасына байланышкан башка маселелерди чечүүгө көмөктөшүү милдеттери камтылат.

***Кен байлыктарын пайдалануучулардын социалдык топтомду көрсөтүү боюнча милдеттерин жөнгө салуучу колдонуудагы ченемдик-укуктук актылар:***

- Кыргыз Республикасынын «Кен байлыктары жөнүндө» 2012-жыл, 9-августтагы №160 мыйзамы;
- Кен байлыктарын пайдаланууну лицензиялоо тартиби жөнүндө жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жыл, 14-декабрдагы № 834 токтому менен бекитилген.

## 7. КЕН БАЙЛЫКТАРЫН ПАЙДАЛАНУУЧУЛАРДЫН САЛЫК ЖАНА БАШКА ФИСКАЛДЫК МИЛДЕТТЕРИ

### а) Кенди пайдалангандык үчүн салыктар

***Бонус***

Бонус салык төлөөчүгө кенди пайдалануу укугу берилгенде, ошондой эле салык мыйзамдарында каралган башка айрым учурларда алынуучу бир жолку төлөм болуп саналат. Бонус коюмун Кыргыз Республикасынын Өкмөтү пайдалуу казылмалардын классификациялык таблицасына ылайык иштетилүүчү кендин камынын өлчөмүнө жараша жана пайдалуу казылмаларды издеп, чалгындоо үчүн белгиленүүчү аянттын чоңдугуна жараша аныктайт.

Мисалы, чалгындалган түпкүлүктүү алтын жана платиноиддер кени үчүн бонус коюму 1 т камга 60000 АКШ долларын түзөт, күмүш кени үчүн – 1 тонна камга 1000 АКШ долларын түзөт. Металл казылмаларын издөө жана чалгындоо үчүн бонус коюму 1 кв. км.ге 25 АКШ долларын, көмүргө - 1 кв. км.ине 500 АКШ долларын түзөт.

Бонусту эсептеп чыгуу үчүн салык базасы:

- пайдалуу казылма кенин (жер асты сууларын тартып чыгарууну кошпогондо) иштетүүдө – пайдалуу казылмалардын мамлекеттик балансында эске алынган пайдалуу казылмалар камынын саны;
- жер асты сууларын тартып чыгарууда – тартып чыгарыла турган суунун билдирмедеги көлөмү;
- пайдалуу казылмаларды чалгындаганда жана издегенде, ошондой эле коммерциялык максатта жана жасалга, кооздук жана курулуш материалы катары колдонуу үчүн минералогиялык, палеонтологиялык коллекцияларды чогултканда – лицензиялуу аянттын чоңдугу;

- кен байлыктарын пайдалануу укугу өткөрүлгөндө, аны өткөрүп бергенде – көрсөтүлгөн учурдагы кен байлыктарын пайдалануучунун отчётторуна ылайык (иштетүү укугу боюнча) иштетиле элек бойдон калган пайдалуу казылма камынын саны же лицензиялуу аянттын өлчөмү;
- укук ээсинин уставдык капиталындагы үлүш өзгөргөндө – көрсөтүлгөн учурда кен байлыктарын пайдалануучунун отчётторуна ылайык (иштетүү укугу боюнча) иштетиле элек бойдон калган пайдалуу казылма камынын саны же лицензиялуу аянттын өлчөмү (ошол үлүштүн өзгөрүшүнө жараша);
- пайдалуу казылманын камынын саны чоңойгондо – пайдалуу казылмалар боюнча мамлекеттик комиссия эске алган пайдалуу казылманын чоңойтулган камынын саны.

***Роялти***

Роялти (маал-маалы менен төлөнөт, пайдалуу казылмалар кенин иштеткенде жана/же (кенден) жер асты сууларын тартып алган учурда колдонулат). Роялти коюмдары казып алынуучу (ажыратып алынуучу) пайдалуу казылмаларнын түрүнө, ошондой эле тийиштүү кендин камына жараша белгиленет да, тартып алынуучу суунун куб метрине 0,01 сомдон 200 сомго чейин жана башка пайдалуу казылмалар үчүн сатуудан түшкөн пайданын 1 %ынан 12 %ына чейин болот.

Салык базасы:

1) КНС жана сатуу салыгын кошпогондогу, пайдалуу казылмаларды же пайдалуу казылмаларды кайра иштетүүнүн натыйжасында алынуучу продукцияны сатуудан түшүүчү пайда;

2) сатылган продукциянын натуралай туюндурган көлөмү; жана

3) кенден тартып алынуучу суунун суу өлчөгүч аныктаган көлөмү.

**б) Жалпы салык милдеттенмелери**

***Пайда салыгы***

Пайда салыгы ишмердигин жалпы салык режимине шайкеш жүргүзүүчү уюмдарга жана ишкерлерге карата колдонулат. Пайда салыгынын негизги коюму салык базасынын 10 %ын түзөт. Салык базасы болуп пайда саналат, ал жылдык жыйынды киреше менен уруксат кылынган кемитүү ортосундагы айырма катары эсептеп чыгарылат. Киреше салыгы (алтыны бар руданы жана концентратты, ошондой эле алтын куймасын жана аффинирленген алтынды казып, реализациялоочу салык төлөөчүлөр үчүн пайда салыгынын ордуна колдонулат). Киреше салыгынын коюму бир үчтүк унция алтындын баасына жараша болот да, 1 %дан (баасы 1300 АКШ долларын түзгөндө) 20 %га (баасы 2500 АКШ долларын түзгөндө) өзгөрүп турат. Салык базасы болуп алтын куймасын жана/же аффинирленген алтынды казып, реализациялоодон түшкөн пайда, ошондой эле алтыны бар руданын жана алтыны бар концентраттын курамындагы алтындын дүйнөлүк бааларга карай Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте эсептеп чыгарылган наркы саналат.

***Сатуу салыгы***

Сатуу салыгы накталай жүргүзүлгөн операциялар үчүн салык базасынын 1-3 %ды жана накталай эмес операциялар үчүн салык базасынын 0 %ын түзөт. Салык базасы болуп КНС жана сатуу салыгын эске албагандагы товарларды, иштерди, тейлөө кызматтарын реализациялоодон түшкөн пайда саналат.

***Киреше салыгы***

Киреше салыгы жеке ишкер болбогон жеке жак киреше алганда жана/же төлөгөндө колдонулат; мындайда эгер кирешени жеке жакка уюм же жеке ишкер төлөп берсе, уюм же жеке ишкер бюджетке салыкты эсептеп чыгып, кармап калуу жана төлөө үчүн жоопту болушат. Киреше салыгынын коюму салык базасынын 10 %ын түзөт. Салык базасы болуп жеке жактын жылдык жыйынды кирешеси менен уруксат кылынган кемитүүлөрдүн айырмасы саналат.

***Комушча нарк салыгы (КНС)***

Кошумча нарк салыгы (КНС) КНС боюнча каттоосу бар же жоктугуна карабастан, товарларды импорттогон учурда, ошондой эле жүгүртүү боюнча ырааты менен 12 айга же андан азыраак мөөнөткө 8 миллион сомду түзүүчү КНС каттоо босогосуна жеткендиктен КНС төлөөчүсү катары ыктыярдуу түрдө катталган же катталууга тийиш болгон субъект КНС салынуучу камдоону жасаганда колдонулат.

КНС негизги коюму салык базасынын 12 %ын түзөт. Салык салынуучу камдоо боюнча салык базасы

болуп камдоонун наркы саналат. Салык салынуучу импорт боюнча салык базасы болуп импорттолуучу товарлардын наркы саналат.

*Мүлк салыгы*

Мүлк салыгы салык салынуучу объект: имараттар, курулуштар, жайлар, курулмалар, унаа каражаттары бар болгондо колдонулат. Мүлк салыгынын коюму ишкер ишмердигинде пайдаланылбаган турак жай имараттары, курулуштар, жайлар, курулмалар үчүн объектинин салык салынуучу наркынын 0,35 %ын, ал эми ишкер ишмердигине ылайыкталган же пайдаланылган турак жай имараттары, курулуштар, жайлар, курулмалар үчүн (мунун ичинен металл конструкциялардан жасалган, ошондой эле турак жай жана турак эмес болсо да) объектинин салык салынуучу наркынын 0,8 %ын түзөт. Турак жай имараттары, курулуштар, жайлар, курулмалар үчүн салык базасы болуп объектинин салык салынуучу наркы саналат, ал Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган атайын формула боюнча эсептеп чыгарылат.

Унаа каражаттары үчүн салык коюму унаа каражатынын түрүнө, чыккан жылына жана кыймылдаткычынын жумуш көлөмүнө жараша болот да, кыймылдаткычтын көлөмүнүн ар бир куб сантиметрине 0,05 сомдон 1,80 сомго чейин айырмаланат. Айрым учурларда (мисалы, эгер унаа каражатынын ичтен күйгүзүүчү кыймылдаткычы жок болсо) салык коюму тийиштүү унаа каражатынын баланстык наркынан же Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте эсептеп чыгарылган наркынан 0,5 %ды түзөт. Унаа каражаттары үчүн салык базасы болуп кыймылдаткычтын жумуш көлөмү же Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте эсептеп чыгарылган наркы саналат.

*Жер салыгы (жер тилкеси бар болсо)*

Жер салыгынын базалык коюму жер тилкесинин жайгашкан жерине жана категориясына жараша болот. Мында салык суммасы салыктын базалык коюмунан тышкары жер тилкесинин аянтын жана бир нече түзөтмө коэффициентти камтыган атайын формула боюнча эсептеп чыгарылат. Салык базасы болуп жер тилкесинин аянты саналат.

**в) Мамлекеттик милдеттүү социалдык камсыздандыруу боюнча төгүмдөр (жыйымдар)**

Милдеттүү социалдык камсыздандыруу боюнча төгүмдөр (жыйымдар) – жеке жактар киреше жана/же төлөмдөрдү алганда, ошондой эле башка айрым учурларда колдонулат; мындайда эгер жеке жак уюм же жеке ишкер менен түзүлгөн эмгек келишими боюнча акысын алса, уюм же жеке ишкер камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептеп, кармап калуу жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна төлөө үчүн жооптуу болушат.

Эмгек мамилелери үчүн колдонулуучу негизги коюмдар Кыргыз Республикасынын жарандары жана/же Кыргыз Республикасында жашаган чет өлкөлүк жарандар/жарандыгы жок жактар болуп саналган кызматчылардын пайдасына эсептелинген бардык төлөмдөрдөн 27,25 %ды (мунун ичинен 17,25 %ы жумуш берүүчүнүн каражаттарынан төлөнөт, 10 %ы кызматчыларга берилүүчү төлөмдөрдөн кармап калынат), ал эми Кыргыз Республикасында убактылуу турган же анын чегинен тышкарыда турган чет өлкөлүк жарандар / жарандыгы жок жактар болуп саналган кызматчылардын пайдасына эсептелинген бардык төлөмдөрдөн 3 %ды түзөт (толугу менен жумуш берүүчүнүн каражаттарынын эсебинен төлөнөт). Эмгек мамилелеринде камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептеп чыгаруу үчүн база болуп кызматчылардын пайдасына эсептелген төлөмдөрдүн суммасы саналат.

**г) Салык эмес төлөмдөр**

***Лицензияны кармап тургандык үчүн төлөм***

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, тоо кен компаниялары лицензияны кармап тургандыгы үчүн төлөм төлөөгө милдеттүү. Лицензияны кармап тургандык үчүн төлөмдүн өлчөмү кен байлыктарын пайдалануу укугунун түрүнө (пайдалуу казылмаларды издөө, чалгындоо, иштетүү), пайдалуу казылмалардын түрүнө, лицензиялуу аянттын өлчөмүнө, лицензия берилген датага жана аны иш жүзүндө колдонуу мезгилине жараша болот. Лицензияны кармап туруу үчүн төлөмдү Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана кен байлыктарын пайдалануу боюнча мамлекеттик комитети эсептеп чыгарат.

Эгер тоо кен иштеринин макулдашылган планында белгиленген пайдалуу казылманын жылдык көлөмүнөн 90 %ы аткарылса, пайдалуу казылмаларды иштетүүгө лицензиясы бар лицензиат долбоорлук кубаттуулукка чыккандан кийин лицензияны кармап туруу үчүн төлөмдөн бошотулат.

***Жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана камсыздап турууга чегерүүлөр***

Кен иштетүүгө (көмүр, сымап, минералдык жана термалдык суулар менен пайдалуу казылмалардан, мунун ичинен курулуш материалдарына чийки зат катары колдонулуучуларынан тышкары) лицензиясы бар тоо кен компаниялары жергиликтүү инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана камсыздап турууга каражат чегерип турушат. Чегерүүлөр коюму пайдалуу казылмаларды реализациялоодон алынган кыйыр салыктарды эске албагандагы түшкөн пайданын 2 %ын түзөт.

***Башка салык эмес төлөмдөр***

Жогоруда көрсөтүлгөн салыктар менен салык эмес төлөмдөрдөн тышкары тоо кен компаниялары таштанды ташып чыгаруу, айлана чөйрөнү булгагандык үчүн төлөм ж.б. сыяктуу башка төлөмдөрдү да төлөшөт. Мындай төлөмдөрдүн коюмдары, базасы жана төлөө тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталат.

***Кен байлыктарын пайдалануучулардын салык жана башка фискалдык милдеттенмелерин жөнгө салуучу колдонуудагы ченемдик-укуктук актылар:***

- Кыргыз Республикасынын Салык кодекси, 2008-жыл, 17-октябрь, № 230;
- Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө» мыйзамы, 2004-жыл, 24-январь, № 8;
- Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө» мыйзамы, 1996-жыл, 17-июнь, № 20;
- Кыргыз Республикасынын «Салык эмес төлөмдөр жөнүндө» мыйзамы, 1994-жыл, 14-апрель, № 1480-XII;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин ченемдик талаптарын жүзөгө ашыруу чаралары жөнүндө» 2008-жыл, 30-декабрдагы № 736 токтому;
- Кендердин жана пайдалуу казылмалардын табылышынын бонус коюмдарынын классификациялык таблицасы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жыл, 30-декабрдагы № 736 токтому менен бекитилген;
- Лицензиялуу аянттын бонус коюмдарынын классификациялык таблицасы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жыл, 30-декабрдагы № 736 токтому менен бекитилген;
- Башка мыйзамдар жана мыйзам актылары.

# 2-ТИРКЕМЕ: КЕН БАЙЛЫКТАРЫН ПАЙДАЛАНУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КЕРЕКТҮҮ ДАРЕКТЕР

## *КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫ*

| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана кен байлыктарын пайдалануу боюнча мамлекеттик комитети (КР ЭӨКМК) | Бишкек ш., Эркиндик бул., 2<br>Тел.: +996 (312) 30-04-10, +996 (312) 30-07-06<br>Факс: +996 (312) 30-07-18<br>Веб-сайт: www.gkpen.kg<br>E-mail: geoagencykg@gmail.com |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция | Бишкек ш., Ахунбаев көч.,119<br>Тел.: +996 (312) 56-49-54, +996 (312) 56-30-27<br>Веб-сайт: www.geti.gov.kg<br>E-mail: getitserver@mail.ru |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Айлана чөйрөнү коргоо жана токой чарба мамлекеттик агенттиги (КР АЧКТЧМА) | Бишкек ш., Токтогул көч., 228<br>Тел.: +996 (312) 35-27-27<br>Факс: +996 (312) 35-31-02<br>Веб-сайт: www.ecology.gov.kg<br>E-mail: nature_kg@mail.ru |
| Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматы | Бишкек ш., Чүй пр., 219<br>Тел.: +996 (312) 61-28-86<br>Веб-сайт: www.sti.gov.kg<br>E-mail: sti@sti.gov.kg |
| Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги | Бишкек ш., Чүй пр., 106<br>Тел.: +996 (312) 62-52-41, 62-41-73<br>Факс: +996 (312) 66-18-37<br>Веб-сайт: www.mineconom.gov.kg<br>E-mail: mail@mineconom.gov.kg |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Кыймылсыз мүлккө ээлик кылуу укугун кадастрлоо жана каттоо департаменти | Бишкек ш., Манас пр., 28<br>Тел.: +996 (312) 31-25-47<br>Факс: +996 (312) 31-28-03<br>Веб-сайт: www.gosreg.kg |
| Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин «"Кыргызгипрожер" жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик долбоор институту» мамлекеттик ишканасы | Бишкек ш., Орозбеков көч., 44<br>Тел.: +996 (312) 30-03-49, 30-03-54 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак-жай-коммундык чарба боюнча мамлекеттик агенттик | Бишкек ш., Манас пр., 28<br>Тел.: +996 (312) 61-36-97<br>Факс: +996 (312) 61-34-52<br>E-mail: gosstroy_press@bk.ru<br>Веб-сайт: www.gosstroy.gov.kg |

## БИЗНЕС АССОЦИАЦИЯЛАР ЖАНА ПРОФСОЮЗДАР

| | |
|---|---|
| Эл аралык ишкер кеңешинин Минералдык ресурстар боюнча комитети | Абдрахманов көч., 191, «Хаятт Ридженси Бишкек» отели, 113-114-кеңсе<br>Тел.: +996 (312) 62-36-79, 62-38-01<br>Факс: +996 (312) 62-33-94<br>Веб-сайт: www.ibc.kg<br>E-mail: office@ibc.kg, lawyer@ibc.kg |
| Кыргыз Республикасынын кен байлыктарын пайдалануучулар ассоциациясы | Бишкек ш., Эркиндик бул., 2, 236-кеңсе<br>Тел.: +996 (312) 30-04-78<br>E-mail: kyrgyzminaskg@gmail.com |
| Кыргыз Республикасынын тоо кен өнөр жайчылар жана геологдор ассоциациясы | Бишкек ш., Медеров көч., 98<br>Тел.: +996 (312) 90-98-67, 54-14-98 |
| Минералдык ресурстарды пайдалануучулар ассоциациясы | Бишкек ш., Чүй пр., 207<br>Тел.: +996 (312) 62-57-31 |
| Кыргызстандын Тоо кен-металлургия профсоюзу | Бишкек ш., Чүй пр., 207<br>Тел.: +996 (312) 61-32-29, 61-32-24<br>Факс: +996 (312) 61-32-24<br>Веб-сайт: www.gmpk.kg<br>E-mail: profgormet@list.ru |
| «Тоо кен өнөр жайчылар гильдиясы» ассоциациясы Ассоциация | Чүй облусу, Новопавловка кышт., Строительная көч., 2<br>Тел.: +996 (312) 60-90-08, 60-90-29 |
| Кыргыз өнөр жайчылар жана ишкерлер союзу | Бишкек ш., Турусбеков көч., Максимум бизнес-борбору, 112-114-кеңселер<br>Тел.: +996 (312) 39-41-07, 45-15-11<br>Веб-сайт: www.kspp.kg<br>E-mail: ksppkg2015@gmail.com |

## КЕН БАЙЛЫКТАРЫН ПАЙДАЛАНУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫН КӨРСӨТҮҮЧҮЛӨР

| | |
|---|---|
| «Эко-Сервис» жоопкерчилиги чектелген коому (долбоорлоо) | Бишкек ш., Манас пр., 40, 309-кеңсе<br>Тел.: +996 (312) 31-17-86 |
| «SGS Bishkek» жоопкерчилиги чектелген коому (инспекциялык компания) | Бишкек ш., Абдрахманов көч., 191, 102-кеңсе<br>Тел.: +996 (312) 66-34-55<br>Веб-сайт: www.sgs-caspian.com |
| ALS INSPECTION UK LIMITED өкүлчүлүгү (инспекциялык компания) | Бишкек ш., Тыныстанов көч, 231/20<br>Тел.: +996 (312) 66-29-58 |
| «Кен-Тоо» ДИБ (долбоорлоо) | Бишкек ш., Эркиндик бул., 30, 9/239-каб.<br>Тел.: +996 (312) 66-01-60, 39-21-34 |

| | |
|---|---|
| КР ЭӨКМК алдындагы «Борбордук лаборатория» мамлекеттик ишканасы | Бишкек ш., Эркиндик бул., 2<br>Тел.: +996 (312) 30-03-84 |
| «КГРК» АЧК Жоопкерчилиги чектелген коому борбордук илимий-изилдөө лабораториясы | Чүй обл., Кара-Балта ш.<br>Т. Кожомбердиев көч., промзона<br>тел.: +996 (3133) 7-25-75, 7-25-92, 7-29-27 |
| КР АЧКТЧМА караштуу Чүй аймактык лабораториясы | Бишкек ш., Байтик Баатыр көч., 34<br>тел.: +996 (312) 54-07-66 |
| КР АЧКТЧМА караштуу Ош аймактык лабораториясы | Ош ш., Курманжан Датка көч., 130<br>тел.: + 996 (3222) 2-25-66 |
| КР АЧКТЧМА караштуу Жалал-Абад аймактык лабораториясы | Жалал-Абад ш., Б. Осмонов көч., 130<br>тел.: +996 (3722) 02-95,<br>+996 (777) 86-44-20 |
| Кадамжайдагы санитардык-эпидемиологиялык станция | Кадамжай району, Пүлгөн к., Больничная көч., 7<br>тел.: +996 (3655) 5-02-96, 5-02-73 |

## *ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАР, СҮРӨӨНЧҮЛӨР*

| | |
|---|---|
| АКШ Эл аралык өнүгүү боюнча агенттиги - USAID | Бишкек ш., Тынчтык проспекти, 171, 720016<br>Тел: +996 (312) 597000<br>Факс: +996 (312) 597744<br>Веб-сайт: www.usaid.gov/kyrgyz-republic<br>E-mail: akgdocs@usaid.gov |
| Европанын реконструкция жана өнүктүрүү банкы - European Bank for Reconstruction and Development | Бишкек ш., «Орион» бизнес-борбору, 4-кабат, Эркиндик бул., 21<br>720040,<br>Тел: +996 (312) 624016, 624017<br>Факс: +996 (312) 666284<br>Веб-сайт:http://www.ebrd.com/russian/pages/country/kyrgyzrepublic.shtml<br>E-mail: abdullaz@ebrd.com |
| Германиянын эл аралык кызматташуу боюнча коому | Бишкек ш., Эркиндик бул., 22, 720040<br>Тел: +996 (312) 909070 , +996 (312) 909082<br>Факс: +996 (312) 909080<br>Веб-сайт: http://www.giz.de/de/weltweit/europa-kaukasus-zentralasien/655.htm<br>E-mail: giz-kg@giz.de |

| | |
|---|---|
| Улуу Британиянын Эл аралык өнүгүү министрлигинин (ЭӨМ) Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү - Department for International Development | Бишкек ш., Эркиндик бул., 21, 404-кеңсе 720040,<br>Тел: +996 (312)303644<br>Факс: +996 (312) 303650<br>Веб-сайт: http://www.dfid.gov.uk/Where-we-work/Asia-Central/Kyrgyzstan/<br>E-mail: a-ashiralieva@dfid.gov.uk |
| Дүйнөлүк банк - World Bank | Бишкек ш., Москва көч., 214, 720010<br>Тел: +996 (312) 625262<br>Факс: +996 (312) 625362<br>Веб-сайт: http://www.worldbank.org.kg/<br>E-mail: niosipenko@worldbank.org |
| Peace Nexus | Бишкек ш., Абдрахманов көч. 204, 4-кабат<br>Тел:+996 (312) 664636<br>Веб-сайт: https://peacenexus.org/<br>E-mail: nazgul.aksarieva@peacenexus.org |
| “Сорос-Кыргызстан” фонду – Soros Foundation | Бишкек ш., Логвиненко көч., 55а,720040<br>Тел: +996 (312) 663475, 622655, 664218<br>Факс +996 (312) 663448<br>Веб-сайт:http://soros.kg/<br>E-mail: office@soros.kg |
| Өнүгүү укугу боюнча эл аралык уюм - IDLO | Бишкек ш., 720011, Абдрахманов көч.,191, 120-кеңсе,<br>Тел: +996 (312) 665272<br>Веб-сайт: www.idlo.int<br>E-mail: fhuston@idlo.net |

# 3-ТИРКЕМЕ. МИНЕРАЛДЫК РЕСУРСТАРДЫ ПАЙДАЛАНУУЧУЛАР ҮЧҮН ОНЛАЙН-МААЛЫМАТ БАЗАЛАРЫ/ВЕБ-ПОРТАЛДАР

**Төмөнкү онлайн-малымат базалары жана веб-порталдар кыргыз жана орус тилдеринде ачык пайдаланылат. Айрым маалыматтар англис тилинде да берилди.**

**http://www.gkpen.on.kg**
Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана кен байлыктарын пайдалануу боюнча мамлекеттик комитетинин онлайн-маалымат базасы. Анда жарамдуу лицензиялардын, лицензия алууга берилген активдүү өтүнмөлөрдүн тизмеси жөнүндө соңку маалымат, лицензиялуу тилкелердин интерактивдүү картасы, пайдалуу казылмалар картасы, пайдалуу казылмаларга ээлик кылуу укугун алуу тартиби жөнүндө маалымат ж.б.у.с. камтылган. Маалымат акысыз алынат.

**http://sti.gov.kg**
Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматынын веб-сайты. Анда катталган салык төлөөчүлөр, салык мыйзамдары, отчёттор боюнча формалар жана нускамалар жөнүндө маалымат камтылган. Айрым салыктарды онлайн-калькуляциялоо каражаты жана салык төлөөчүлөр, эсеп-фактуралар жана патенттер жөнүндө маалыматты текшерүүнүн онлайн-каражаты ж.б.у.с. да бар. Маалымат акысыз алынат.

**http://budget.okmot.kg**
«Ачык бюджет» интернет-порталында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызы, кирешелери жана жергиликтүү бюджеттери жөнүндө маалымат, ошондой эле сүрөөч гранттар жөнүндө маалыматтар бар. «Ачык бюджетте» салык төлөөчүлөрдөн (юридикалык жактардан) келип түшкөн каражаттар, мунун ичинен ар бир салык төлөөчү төлөгөн салыктын, лицензиялык алымдардын, башка мамлекеттик тейлөө кызматтары үчүн жыйымдарды тиби, анын суммасы, төлөө датасы жөнүндө маалымат да камтылган. Маалымат акысыз алынат.

**http://gosuslugi.mineconom.kg**
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарынын, лицензия-уруксат тутумунун порталында жеке жана юридикалык жактарга мамлекеттик жана муниципалдык органдар көрсөтө турган тейлөө кызматтары (тартиби, наркы ж.б.у.с.) жөнүндө маалымат, ошондой эле мамлекеттик контроль жана көзөмөл иш-милдеттери жөнүндө маалыматтар бар. Маалымат акысыз алынат.

**http://register.minjust.gov.kg**
Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин юридикалык жактар, филиалдар (өкүлчүлүктөр) боюнча электрондук базасында Кыргыз Республикасында катталган бардык юридикалык жактар жөнүндө алардын аталышы, филиалдары (өкүлчүлүктөрү), макамы, чет өлкөлүк катышуусу, каттоо номуру, идентификациялоочу салык номуру, юридикалык дареги, жетекчиси жана учурдагы негиздөөчүлөрү/катышуучулары (айрымдарынан башкасы) көрсөтүлгөн маалымат бар. Маалымат акысыз алынат.

**http://cbd.minjust.gov.kg**
Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Укуктук маалыматтар борборлоштурулган базасы Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын акыркы редакциясында, кыргыз жана орус тилдеринде эркин түрдө алып окууга мүмкүндүк берет.

**http://stat.kg**
Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин веб-сайтында Кыргыз Республикасындагы социалдык, экономикалык, демографиялык жана экологиялык кубулуштар жөнүндө статистикалык көрсөткүчтөр, мамлекеттин негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү (ИДП, керектөө бааларынын индекси, эң төмөнкү эмгек акысы) жөнүндөгү маалымат камтылган. Бул веб-сайтта ошондой эле өлкөдөгү тоо кен өнөр жайына жасалып жаткан инвестициялардын көлөмү, мунай, газ, көмүр жана башка өнөр жай продукциясын алуу көлөмү жөнүндө да маалымат бар.

**http://t-zakupki.okmot.kg**
Мамлекеттик сатып алуулар интернет-порталында аукциондор, макулдашуулар, сатып алуучу ую-

мдар тизмелери жана мамлекеттик сатып алууларга байланышкан башка маселелер жөнүндө маалымат камтылган.

**http://map.okmot.kg**
Кыргыз Республикасынын экономикалык картасында Кыргыз Республикасынын ар кайсы аймактарынын экономикалык/каржылык абалы, мунун ичинен Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигине караштуу Казынадан жана Экономикалык өнүгүү боюнча мамлекеттик фондудан алынуучу маалыматтар камтылган.

**https://okmot.kg/links.html**
Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик маалымат ресурстарынын сайтында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын веб-сайттарынын тизмеси камтылган.

**http://donors.okmot.kg**
Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин тышкы жардам интернет-порталында чет өлкөлүк сүрөөнчүлөр жөнүндө маалымат бар.

**http://www.invest.gov.kg/en**
Кыргыз Республикасынын Инвестицияларды илгерилетүү жана коргоо боюнча агенттигинин сайтында Кыргыз Республикасындагы инвестициялык жагдай жөнүндө ыктымал инвесторлорго керектүү маалымат келтирилген.



*Бул колдонмодо колдонулган сүрөттөр “Kumtor Gold Company” жана “KAZ mineral PLC” компаниялары тарабынан берилген*

